
Х.К.КАРАСАЕВ
Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгү



Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгү
Кыргыз Республикасынын Президентинин колдоосу менен
Мамлекеттик тилибиздин 20 жылдык урматына
арналып чыгарылды.

Кыргыз Республикасынын
КИТЕП ПАЛАТАСЫ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ
МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ БОЮНЧА УЛУТТУК КОМИССИЯ

РЕДАКЦИЯЛЫК КОЛЛЕГИЯ

ИБРАГИМОВ С. И. (төрагасы),
АБДЕСОВ Н. А.,
АНДАШЕВ Д. Б.,
БИЯЛИЕВ А. Б.,
ЖУМАГУЛОВ Т. Р.,
ИБРАИМОВ А. Ж.,
МАМЫТОВ Ж. М.,
МАМБЕТЖУНУШОВ Т. М.,
МАРАЗЫКОВ Т. С.

МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ ЖАНА ЭНЦИКЛОПЕДИЯ БОРБОРУ

Х.К.КАРАСАЕВ

КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ОРФОГРАФИЯЛЫК СӨЗДҮГҮ

80 000 соз

Толукталып, кайрадан басылышы

БИШКЕК – 2009

УДК 80/81
ББК 81.2–4
К 97

ИБРАГИМОВ Сүйүнбек, БИЯЛИЕВ Абак, АБДЕСОВ
Нургалыйдын редакциясы астында даярдалды.

Карасаев Х. К.

К 97 Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгү – Б.: Мамл. тил ж-а энциклопедия борбору, 2009: – 640 б.

ISBN 978–9967–14–067–7

Бул сөздүк Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин 2008-жылдын 26-июндагы № 567 токтому менен бекитилген «Кыргыз тилинин жазуу эрежелеринин» негизинде кайра толукталып, иштелди. Мында Х. Карасаевдин Кыргыз Совет Энциклопедиясынын Башкы редакциясы тарабынан 1983-жылы басылып чыккан «Орфографиялык сөздүгү» жетекчиликке алынды.

К 4602030000
М 454 (11) –09

УДК 80/81
ББК 81.2–4

Кырг.
4 (03)
К 21

Ш 1 я 2

659337

ISBN 978–9967–14–067–7

© Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2009.

КИРИШҮҮ

Кыргыз Республикасынын эгемен доору башталган күндөн бери (1991) мамлекеттик деңгээлде, кыргыз улутунун социалдык-экономикалык жашоосунда жана жалпы эле дүйнөлүк прогресстин айдынында толуп жаткан өзгөрүштөр, жаңылыктар болуп жатканына күбө болуп келебиз. Илимий-техникалык өрүш, ага байланышкан күндөлүк турмуштагы көз караш, түшүнүк, ан-сезимдин, маданияттын сакталып келген эрежелерин жаңы нукта карап чыгууга, учурдун талабына ылайык ой жүгүртүүгө түрткү берет.

Даанышман устатыбыз Х. К. Карасаев түзгөн «Орфографиялык сөздүк» басмадан чыккандан бери (1983-ж.) чейрек кылым өттү. Бул мезгилдин ичинде дүйнөлүк аренада, кыргыз коомчулугунда канчалык революциялык, эволюциялык өзгөрүүлөр болуп жаткандыгы жалпыга маалым. Коомдун жашоосундагы оош-кыйыштар, жаңы менен эскинин тогошу, экономикалык-саясий гана эмес, рухий жана маданий багыттагы жаңылануу менен өзгөрүүлөр кыргыз тилинин дагы функционалдык, социалдык, саясий жана лингвистикалык мазмунунан байкалып турат. Кыргыз тилинин мамлекеттик тил статусуна ээ болушу анын Кыргыз Республикасындагы колдонулуш жана өнүгүш жолунда өзгөчө милдеттерди, аларды ишке ашыруунун толуп жаткан максат-мүдөөлөрүн күн тартибине койду. Башкасын айтпасак да кыргыз тилинин 1995-жылы жана 2002-жылы (7 жылда эки жолу) сунуш кылынган жазуу эрежелери кыргызча сүйлөгөн жана жазган жарандардын тилдик сабатына карама-каршы турган убаракерчилик алып келди. Жыйынтыгында ал эрежелерди коомчулугубуз кабыл албай койду. Мындай абалды жоюу, ондоо максатында коомчулуктун жана учурдун өктөм талабына ылайык Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиясынын демилгеси менен иштелип чыккан Кыргыз орфографиясынын сонку редакциясын (өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү менен) Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенеши тарабынан кабыл алуу жана колдонуу жөнүндө токтому чыкты (2008-жыл, 26-июнь, № 567).

Бул токтомго ылайык азыркы кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгүнүн толукталган жыйнагын басмадан чыгарып, коомчулукка жеткирүү өтө зарыл жана тездикти талап кылган маселеге айланды. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын демилгеси менен Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги жана Кыргыз улуттук илимдер академиясынын Тил жана алабият институтунун макулдугу менен орфографиялык сөздүктүн толукталган вариантын даярдоо окумуштуулардын, мектеп, окутуу практикасында тиш каккан мугалимдердин, массалык маалымат каражаттарын тейлеген чыгаан адистердин атайын тобуна тапшырылды. Көпчулуктүн, билим-илим өкүлдөрүнүн сунушу боюнча Х. К. Карасаевдин 1983-жылы чыккан орфографиялык сөздүгүнүн негизинде иш башталып, аны толуктоо жана ага кошумчалоо менен кайра басып чыгаруу аракети максатка ылайык деп табылды.

Иштин жүрүшүндө Х. К. Карасаев түзгөн сөздүктү пайдаланып, анда кездешпеген, бирок азыр колдонулуп жүргөн жана 25 жыл ичинде колдонууга алынган жаңы сөздөрдү, терминдерди камтууга туура келди.

Бүгүн кыргыз тилинин мамлекеттик тил статусуна ээ болуусу менен республикабыздын көпчүлүк жогорку окуу жайларында фундаменталдык, техникалык, жаратылыш таануу жана гуманитардык сабактар боюнча кыргыз тилинде лекциялар окулуп, окуу китептери, окуу куралдары кыргызча жазылып, илимдин тармактары боюнча орусча-кыргызча, кыргызча-орусча, энциклопедиялык, тармактык, терминологиялык сөздүктөр чыгарылды. Аларга байланыштуу толуп жаткан жаңы сөздөр, түшүнүктөр менен катар сөз айкаштары да колдонууга кирди. Ушул себептен реестрдеги тизмек сөздөрдүн уясында бир кыйла сандагы кенири колдонулуп жүргөн кадимки сөз айкаштарын жана фразеологизмдерди да берүүгө туура келди. Ошондуктан сөздүктө азыркы учурдагы рынок экономикасы, маалымат технологиясы (компьютер, интернет) күнүмдүк турмушка ургалдуулук менен кире баштаганын эске алып, тилибизде мурда учурабаган же өөн сезилген көптөгөн терминдер менен терминдик сөз айкаштарына да орун берилди.

Жалпы элдик кыргыз тилинин жергиликтүү мүнөздөгү тил байлыгын адабий тилибизде кенири колдонуу жана толуктоо максатында диалектилик сөздөр кенири камтылды.

Сөздүккө төмөнкүлөр тиркеме катары берилди:

1. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик түзүмдөрүнүн жазылышы.

Мында министрликтер, комитеттер, ведомстволор, комиссиялар жана аларга караштуу уюмдардын аталышы, айрым эл аралык уюмдардын угулуш жана айтылышынан мисалдар келтирилген.

2. Кыргыз мамлекетинин саясий-административдик бөлүнүшү (областтар, шаарлар, райондор жана айыл өкмөттөрүнүн тизмеси).

3. Топонимдер. Жер-суу аттарынын жазылышы кийинки жылдары бир топ өзгөрүүгө, кайра өндөлүүгө дуушар болду. Буларга кошумча айрым аталыштар өзгөрүлүп, жаңыча айтыла баштады. Туура жаздыруу ниети менен Кыргызстандагы топонимдердин бүгүнкү угулушу жана жазылышы сунуш этилди.

4. Кыргыз Республикасы 1991-жылдан бери БУУнун (Биригүүлөр уюму) мүчөсү. Дүйнөлүк саясатта мамлекет, өлкө, эөлик деген статустагы саясий-административдик түшүнүктөр жашап келет. Алардын борбор шаары жана акча бирдиги көрсөтүлгөн.

5. Иш кагаздарын даярдоо жана толтурууда мекеменин, уюмдун ж. б. аталышынын кыскартылып айтылышы, жазылышы сунушталды.

Сөздүктү коюлган максатка ылайык толуктоо, тийиштүү лексикалык, орфографиялык маалыматтар менен кошумчалоо иштерине катышкан редакциялык топтун өкүлдөрү сөздүктүн төмөнкү тамгаларын түзүштү.

1. Абдесов Нургалый – КРнын эмгек сиңирген мугалими – Б, Г, Е, Ё, Ч тамгалары менен башталган сөздөрдүн жана топонимдердин айтылышы менен жазылышы, Кыргыз Республикасынын саясий-административдик бөлүнүшү.

2. Андашев Дилдебек Бектурсунович – Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын курамындагы Кыргыз Энциклопедиясынын Башкы редакторунун орун басары – Л, М, Н, О, Ө тамгалары менен башталган сөздөрдүн жана топонимдердин айтылышы менен жазылышы.

3. Биялиев Абак – филология илимдеринин кандидаты, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин профессору – К (көздөмөк-кюри чекити), Д, Щ, Ы, Э, Ю, Я тамгалары менен башталган сөздөрдүн жана топонимдердин айтылышы менен жазылышы, Кыргыз Республикасынын саясий-административдик бөлүнүшү, адабий тилибиздин графикасы менен орфографиясынан маалымат жана орфографиянын принциптери.

4. Ибрагимов Сүйүнбек – филология илимдеринин доктору, Кыргыз мамлекеттик юридикалык академиясынын профессору – редакциялык коллегиянын ишине жетекчилик кылуу, А, Ш тамгалары менен башталган сөздөрдүн жана топонимдердин айтылышы менен жазылышы, Кыргыз Республикасынын саясий-административдик бөлүнүшү, Кыргыз Өкмөтүнүн түзүмү жана бийлик структуралары, дүйнөлүк саясаттагы мамлекеттер, өлкөлөр, эөликтердин аталышы, борбор шаарлары жана акча бирдиктери.

5. Ибраимов Азимжан Жаманакович – КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын торагасынын орун басары – В, Ж, З, И тамгалары менен башталган сөздөрдүн жана топонимдердин айтылышы менен жазылышы.

6. Мамбетжунушов Түгөлбай – КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын сектор башчысы – Т, У, Ү, Ф, Х, Ц тамгалары менен башталган сөздөрдүн жана топонимдердин айтылышы менен жазылышы

7. Мамытов Жумаш – филология илимдеринин доктору, К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин профессору – П, Р, С тамгалары менен башталган сөздөрдүн, топонимдердин айтылышы жана жазылышы.

8. Маразыков Турусбек Сейдакматович – филология илимдеринин доктору, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин кыргыз тили кафедрасынын башчысы жана профессору – К (кааба-көздөмөк), Д, Щ, Ы, Э, Ю, Я, тамгалары менен башталган сөздөрдүн жана топонимдердин айтылышы менен жазылышы.

Сөздүктү басмага даярдоо, анын мазмунуна тийиштүү өндоолор менен тактоолорду сунуштоо же жалпы эле бир системага салуу сыяктуу редакторлук милдетти Н. Абдесов, Д. Андашев, А. Биялиев, С. Ибрагимов аткарышты.

Колубуздагы орфографиялык сөздүктү компьютерге терүү, өндоо, тактоо жана сөздөрдү ийине жеткирүү боюнча техникалык, тилчи-адистик коррективалык иштерди аткаруу сыяктуу татаал жана жооптуу милдетти Б. Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин улук окутуучусу Исманкулова Айнура Төлөбековна ишке ашырды жана сөздүктү кайра толуктап түзүүгө катышкан жогорку адистер ага чоң ыраазычылык билдирет.

Мындай жоопкерчиликтүү зор ишке жалпы жетекчилик жүргүзүп, анын уюшкандыкта, сапаттуу жана өз убагында аяктоосуна Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын торагасы Жумагулов Ташбоо Рахманбердиевичтин салымы зор экендигин баса белгилейбиз.

Адабий тилибиздин графикасы менен орфографиясы жана орфографиянын принциптери

Адабий тилибиздеги тамгаларды тыбыштуу жазууда: **алфавит, графика, орфография** деп аталган үч түшүнүктүн маңызын так түшүнбөй туруп, жазуу системасын үйрөнүү, элибизге үйрөтүү, тилдик практикада анын системасын колдонуу эч бир мүмкүн эмес.

Алфавит – тилибизде тыбыштарды жазуу системасында колдонулган тамгалар жана тамгалардын белгилүү бир орун тартиби боюнча жайгаштырылышы. Кыргыз алфавити орус алфавитинин (кириллицанын) базасында 1940-жылы кабыл алынган. Орус алфавитиндеги 33 тамгага өзүбүздүн үч тамга **ө, ү** кошулуп толукталган.

Кыргыз адабий тилинин алфавити менен орфографиясы улутубузга жана улут аралык байланышка кызмат кылган интернационалдык проблема.

Цивилизациянын курчоосунда жашаган кыргыз эли (улуту) адамзаттын маданияты өсүп-өнүгүшүндө дүйнөлүк илим-билимдин, техниканын, искусствонун ж. б. у. с. жетишкен ийгиликтери менен жаңылыктарын, ачылыштарын кабыл алып, өздөштүрүүдө адабий тилибиздин алфавити менен орфографиясы толукталып байымайынча жана оркундомойунчо оз улутуна кызмат кыла албастыгы түшүнүктүү. Ошентип, адабий тилдин алфавити менен орфография – улуттук гана проблема эмес, ошондой эле, улут аралык байланышты жана катнашты оз ичине кошо камтыган интернационалдык проблема экени белгилүү болот.

Кыргыз адабий тилинде 36 тамга, 39 тыбыш бар. Анын он тортү (8 кыска, 6 созулма) үндүү, 25 үнсүз тыбыш: **(б, в, г, ғ, д, ж, дж, ж** (аффриката) **з, й, к, қ, л, м, н, ң, п, р, с, т, ф, х, ц, ч, ш, щ)** 22 тамга менен белгиленип жүрөт.

Адабий тилибиз калыптанганга чейин элибиз жалпы элдик кыргыз тилде сүйлөп келген, жалпы элдик кыргыз тилинде 34 тыбыш, анын 14 тыбышы үндүү (кыскасы 8: **а, е (э), о, ө, у, ү, ы, и**); созулмасы 6: **(аа, ээ, оо, уу, үү, өө)** жана жыйырма **(б, г, ғ, д, ж, з, й, к, қ, л, м, н, ң, п, р, с, т, х** (сырдык төл сөздөрдө) **ч, ш** үнсүз тыбыш колдонулган. Жалпы элдик кыргыз тилинде колдонулуп келген (он төрт үндүү жана жыйырма үнсүз) бардыгы 34 тыбыш адабий тилибизге кабыл алынган. Кыргыз адабий тилине орус тили аркылуу оошкон орус жана интернационалдык сөздөрдү туура жазуу жана айтуу үчүн орус алфавитинен **в, ж, ф, ц, щ** беш үнсүз тыбыш жана беш тамга 1940-жылы кошумча кабыл алынып толукталган.

Адабий тилибиздин лексикалык системасы менен грамматикалык түзүлүшүндө лексемалардын айтылышы менен жазылышында, анын тыбыштык системасында кабыл алынган отуз алты тамга (отуз тогуз тыбыш) колдонулат.

Графика – тилдеги тыбыштардын жазылышында тамгалар аркылуу белгиленишине кызмат кылган жазуу эрежелеринин жыйындысы. Графика тилдин тыбыштык системасынын тарыхый жактан өсүшүнө байланыштуу жазуу эрежелери кабыл алынып, өзгөрө берет. 1940-жылы кабыл алынган алфавитке байланыштуу графикалык жазылышын түшүндүрөлү.

1. **е** бир эле тыбышты билгизсе да, эки (**е** жана **э**) тамга менен жазылып жүрөт. Сөз башында: **эне, эже, эчки**; созулма менен жазылганда: **ээ, ээр, бээ, жээк**; сөздүн ортосунда жана аягында: **беле, белен, келсе, терезе, береке** ж.б.

2. Созулма **аа, ээ, оо, өө, уу, үү** үндүүлөр өзүнчө тамгалар менен белгиленбей, кош тамгалар аркылуу белгиленет: **аары, аалам, ээ, ээр, ооду, оона, уу жеди**, ууга чыкты, **күүлүү, күү** ж.б..

3. Орус алфавитиндеги (кириллицада) 33 тамгага кыргыз тилинин үч (**ө, ү, и**) тамгасы кошумчаланып, кыргыз алфавитине 36 тамга 1940-жылы кабыл алынган. Орус алфавити эч өзгөртүүсүз кабыл алынган үчүн кыргыздар орусча так, таза (акценти жок) сүйлөөгө шарт түзүлгөн. Башка бир бөтөн (чет) тилде сүйлөөнүн лингвистикалык жактан илимий негизи туура жана так аныкталышы – башка (чет) тилде таза, так (акценти жок) сүйлөөнүн эң башкы себеби болгонун эскерте кетели. Орус алфавитинин базасында кыргыз алфавитинин илимий негизи так, туура аныкталганына, ошол кезде, түрколог окумуштуулар суктанышкан. Аны түзүүгө катышкан окумуштуулары-бызды алфавиттин чыныгы билерманы катарында өздөрүн таанытышты, – деп белгилүү түрколог-дор оз пикирин жазып жарыялашкан. Кыргыз алфавити ошол кездеги илимий негизи туура аныкталган баалуулугун жогото элек, азыр да күчүндө. Ага 36 тамганын кабыл алынышы далил боло алат. Төл сөздөрдү жазууда йоттошкон төрт тамга 1940-жылга чейин эки тамга менен жазылып келсе, андан кийин бир тамга менен жазыла баштады. Экөөнү салыштырып көрөлү.

Эки тамга менен	Бир тамга менен
й+е кийет, тийет	е(й+е) киет, тиет
й+о койон, койот,	ё (й+о) коён, коёт
тойойун, койойун, сойойун	тоёюн, коёюн, соёюн
й+у койуу, сойуу,	ю (й+у) коюу, союу,
койуп, сойуп	коюп, союп
й+а сайак, айайын, сайайын	я (й+а) саяк, аяйын, саяйын

Орус жана интернационалдык сөздөрдү жазууда бир эле тамга менен: партия, июнь, Европа, ёлка түрүндө жазылып келген. Төл сөздөрдү жазууда эки тамга аркылуу жазылган. Ошентип, төл жана бөтөн сөздөрдү жазууда (чыгыш тегин- этимологиясын билбеген) мектептин окуучулары, көпчүлүк элдин массасы кайсы учурда бир тамга же эки тамга жазылаарын так аныктай албай, убара болуп, баштары айланган.

Жыйынтыктап айтканда, йоттошкон тамгалар аркылуу орус графикасындагыдай жазылышынын 1940-жылы кабыл алынышы жогоруда белгилегендей баш айланткан убаракерчиликтен куткарган.

Йоттошкон тамгалар менен жазуунун артыкчылыгы, биринчиден, балага да, чоң кишиге да жазууда түшүнүктүү, онтойлуу болушу, экинчиден, эки тамга менен жазганга караганда бир тамга аркылуу жазуу оной жана тез, кагазга да үнөмдүү экени эске алынган.

Бирок й тыбышы менен **ө, ү, и, ы** тыбыштары жанаша келген төл сөздөрүбүздүн жазылышында эки тамга аркылуу жазылышы орфографияда орун алып келатканын эскерте кетели. Мисалы: **й+ө** (күйөө, күйөт); **й+ү** (күйүү, сүйүү); **й+и** (кийим, кийин); **й+ы** (кыйын, кайын) ж. б.

Кыргыз адабий тилинин колдонулушунда оозеки айтылыш формасы менен жазылыш формасы бирин-бири толуктаган, ажырагыс байланышта жана катышта колдонулат. Сөздөрдүн туура, так айтылышын **орфоэпия** тейлесе, ал эми сөздөрдүн катасыз, сабаттуу жазылышына орфография кызмат кылат.

Орфография – адабий тилдин жазуу формасында бирдиктүү кабыл алынган нормаларын туура сактап, сөздөрдү бир түрдүү, сабаттуу, катасыз жазуу үчүн атайын иштелип чыккан эрежелердин системасы жана анын жалпы жыйындысы.

Академик Л. В. Щерба «Орфографиянын эң негизги максаты жана анын өзгөчө баалуу касиети – элди сабаттуулукка үйрөтүү»,– деп жазган. «Зор аймакты ээлеген 150 миллион орус элинин бардык окулдөрү бир түрдүү сүйлөшү эч бир мүмкүн эмес, бирок бир түрдүү жазууга милдеттүү. Орфографиянын эң негизги каситети жана баалуулугу – анын бирдиктүүлүгүндө», – деген.

1926-жылы академик Л. В. Щерба Бакуда өткөн түркологиялык биринчи съездде «Орфографиянын негизги принциптери жана анын социалдык маанисн» деген отчёттук докладында орфографиянын төрт түрдүү: 1) фонетикалык, 2) морфологиялык (этимологиялык), 3) тарыхый, 4) идеографиялык же дифференциациялык (айырмалоочу) принциптерине токтолуп, ар бири жөнүндө түшүнүк берген. Фонетикалык принциптин колдонулушунда ар бир тилде орун алган сөздөр, сөз айкаштары кандай айтылса, так ошондой жазууга негизделерин, колдонууга өтө ынгайлуу (жөнөкөй, женил жана оной) экенин, билим денгээли жана сабаттуулугу ар кыл адамдарга (балага да, чоң кишиге да) жеткиликтүү жана түшүнүктүү болоруна өзгөчө басым жасаган. Фонетикалык принцип жалпы элге түшүнүктүү демократиялык мүнөздө экенин баяндаган.

Бакуда өткөн биринчи түркологиялык съездге тунгуч агартуучу тилчилерибиз Э. Арабаев, К. Тыныстанов, Х. Карасаев да катышкан. Съездде татаал (бириккен, кош жана кошмок) сөздөрдүн жазылышы жана аларды кандайча, кайсы принципти колдонуп жазуу жөнүндө сөз болот. Түрк тобундагы тилдерде, өзгөчө кенири орун алган эки же андан көп сөздөрдөн куралган кошмок сөздөрдүн жазылышы жөнүндө проблема талкууланат. Ошол съездде түркологиялык масштабда төмөнкүдөй бүтүм чыгарылат.

1. Кошмок сөздөрдүн тутумунда ар бир сөзү, азыркы кезде, лексикалык маанисин жоготпосо (сакталса) жана өзүнчө сөз катары колдонулса, ар бир сөзү, бөлөк-бөлөк жазылсын.

2. Эгерде кошмок сөздүн тутумундагы ар бир сөз, азыркы кезде лексикалык маанисин жоготсо (сакталбаса) жана өз алдынча колдонулбаса бириктирилип жазылсын. Кошмок сөздүн орфографияланышында түркологиялык масштабда кабыл алынган жогорку бүтүм өзбек, уйгур, татар, кыргыз, казак ж. б. тилдерде жетекчиликке алынып келгендиги белгилүү.

Х. Карасаев түзгөн, 60 миң сөздү өз ичине камтыган «Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгү» 1966-жылы басылып чыккан. Аталган сөздүктө, мүмкүн болушунча, кыргыз адабий тилинин лексикасын толук камтуу аракети жасалган. Сөздүктү коомчулук жылуу кабыл алса да, басма сөз беттеринде бир топ сын-пикирлер жарыяланган. Айтылган оң пикирлерди эске алып, Х. Карасаев 1966-жылы басылып чыккан сөздүктү кайрадан иштеп, экинчи басылышын даярдап, 1983-ж. Кыргыз Совет Энциклопедиясынын Башкы редакциясына тапшырган. Аны белгилүү тилчилер С. А. Давлетов менен Р. Бекжанова редакциялап, баш сөзүн жазышкан. Сөздүктүн толукталган бул басылышында «Сөздүктүн түзүлүш принциптери, составы жана андагы сөз формаларынын берилиши» С. Давлетов менен Р. Бекжанованын редакциясында берилди.

1983-жылы басылган «Орфографиялык сөздүктө» кыргыз улуту илимбилимдүү жана туташ сабаттуу болгон доорунда тил маданиятын жогорку денгээлге көтөрүү максаты коюлган эле.

Х. Карасаевдин 60 миң сөздү өз ичине камтыган «Орфографиялык сөздүктү» редакциялагандар кыргыз орфографиясында жарык көргөн эмгектерде (справочниктерде, сөздүктөрдө) орун алган эрежелерди эске алуу менен чектелип калышкан эмес. Ага кошумча орус жана түрк тилдеринин лексикографиясында топтолгон орфографиялык эрежелердин тажрыйбасы да эске алынган.

1983-жылкы сөздүк азыркы адабий тилинин лексикалык байлыгын мүмкүн болушунча толук камтыйт, бирок жазма адабиятта кездешкен кээ бир диалектизмдерге да белгилүү орун берилди деп эскертилген эле.

Жаңыдан басылып жаткан бул сөздүктө мурда кирбей калган сөздөр, сөз формалары, адабий тилибиздин лексикасы толукталып байышына өбөлгө түзгөн диалектилик сөздөр менен диалектизмдер, жалпы элдик тилдин негизинде адабий тилдин лексикасына кабыл алынган туруктуу сөз айкаштары-фразеологизмдер, азыркы учурда илим-билим, техника, экономика, искусство, маданият тармактары кенири кулач жайып өнүгүшүнө байланыштуу ар кандай илимдердин тармактарында, ар түрдүү кесипчиликте колдонулган терминдер (1983-жылдагыга караганда) кенири камтууга аракет жасалды.

Сөздүктө камтылган бардык сөздөр менен сөз айкаштары баштан аяк алфавит боюнча жайгаштырылды.

Бирок татаал сөздөр менен туруктуу сөз айкаштары-фразеологизмдер реестр сөзүнүн уясында, женил таап алууга оной болуш үчүн мурда колдонулуп келген лексикографиялык традицияны сактоо менен берилди.

Кыргыз адабий тилинин орфографиялык эрежелеринде негизинен дүйнөлүк орфографияда орун алгандай төрт принцип колдонулууда (А. Биялиев «Кыргыз адабий тили жана анын адабий нормасы» – Бишкек, 2002, 168–185-б.):

1. Фонетикалык принцип; 2. Морфологиялык принцип; 3. Тарыхый же традициялык принцип; 4. Дифференциялоо (айырмалоочу).

Төртүнчү же дифференциялоо (айырмалоочу) принциби 1983-жылдагы сөздүктүн 12-бетинде эки пункттан турган эреже менен берилген. Аны эске алып, толуктоо аракети жасалды. 1995-жана 2002-жылдардагы жаңы жазуу эрежелеринде: фонетикалык, морфологиялык, тарыхый принцип деп аталган үчөө гана эске алынып, дифференциялоо принциби эскерилбеген эле.

1995-жылы 7-мартта кыргыз орфографиясына айрым бир өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө Өкмөттүн № 65-токтомунда жаңы жазуу эрежелерин сунуш кылган кезде андагы орфографиялык эрежелердин принциптери менен системасы ыраттуу сакталбай, илимий негизи туура эмес аныкталганына каршы чыгып, Х. Карасаев «Эркин Тоо» газетасына «Мамлекеттик тил жөнүндө менин сунуштарым» деген макаласында минтип жазган: «1940-жылдан бери колдонулуп, элге сиңген, элдин колдоосуна ээ болуп, кабыл алынган орфография эрежелерине өзгөртүү киргизүүнүн кандай зарылчылыгы бар эле? Эмне үчүн бул сунушту Өкмөт бекитип берет?

Алфавиттеги керексиз арипти чыгарып салуу – оной, кошуу – тозоктуу иш. Ал үчүн толгон каражат керек»,– деп жазып, Х. Карасаев оюн мындайча уланткан.

«Мына ушул керексиз жаңы эреженин кесепетинен бүткүл орфографиялык сөздүктөрдү кайта басып чыгаруу керек. Бул сунуш – элибиз үчүн өтө эле зыяндуу», – деп нааразы болгон. «Орфографиянын бир эле эрежесин же болбосо алфавитиндеги бир эле тамгасын өзгөртсөк, окууда да, басмада да аябагандай чоң бүлүк түшөт»,– деп мурдагы орфографияны өзгөртүүгө каршы чыккан. (Х. Карасаев «Мамлекеттик тил жөнүндө менин сунуштарым». Эркин Тоо газетасы, 1995, март.)

1995–2002-жылдар аралыгында сунуш кылынган жаңы эрежелерде 1953-жылдагыга салыштырганда төмөнкүдөй чаташкан пункттар берилген. Анын системасында колдонулуп, эл кабыл алып, көнүп калган ырааттуулук сакталбаган. Алар төмөнкүлөрдөн даана байкалат:

I.1 § Кыргыз адабий тилинде (14 үндүү, 20 үнсүз) бардыгы 34 тыбыш бар деп көрсөтүлөт. 1953-жылкы эрежеде 39 тыбыштын 5 үнсүз тыбышы К, F жана орус, интернационалдык сөздөрдү жазууда колдонулган д, ж, ц, щ) эске алынбай, унутулуп калган.

X (аффикатасы) төл (сырдык) сөздөрдүн аягында: мисалы: **ах, бах, ох, тох, ух** жана сөз башында: **Ха-ха, чүкө салган тулубум** (Жусуп) ж. б. колдонулуп келген. Ал эске алынбай араб, иран, орус тилдеринен оошкон деп маалымданып келгени белгилүү.

II. 34-§. түнүчүндө бириккен, (тарыхый) кошмок сөз деп туура эмес берилген. Кыргыз тилинде так аныкталып, традицияга айланган көз карашты эске алганда бириккен сөздөр менен кошмок сөз сөздөрдүн түшүнүгү жана алардын орфографияланышында жазуу эрежелери так аныкталбай, чаржайыт берилген.

36–39-§. Мурда кошмок сөз деп эсептелген сөздөр: **тил кат, кол кап, көз айнек, алп кара куш, таш бака, таш көмүр, козу карын, козу кулак, ат кулак,** ж.б. лексикалашкан делип бирге жазуу натуура сунуш кылынган.

Энчилүү аттар менен топонимдердин салтка айланып, эл көнүп калган эрежелери башаламан бериле берген.

49-§. Балык-ооз, Сары-гунан түрүндө айтылышы боюнча жазуу туура эмес сунуш кылган.

5-§. Географиялык татаал энчилүү аттар (топонимдер) бириктирилип, айтылышы боюнча жазылат. **Аларча, Чоңсарой, Ысыккол, Торайгыр, Жалалбат** ж. б. топонимдер бириккен сөз сыяктуу жазылышына элибиз каршы туруп, кабыл албай койду. **Абад** сөзү иран тобундагы топонимдерди жазууда традицияга айланган иран сөзү. Өзбек, кыргыз топонимдери да **Абад** деп жазылат. **Абат** деп жазуу туура эмес.

III. Октябрь революциясынан кийин кабыл алынган, эл көнүп калган орус сөздөрү кыргыз тилинин тыбыштык өзгөчөлүгүнө баш ийдирилип, айтылышы боюнча жазылышына жаңы жазуу эрежелеринде жол берилиши элибиздин сабаттуулугуна жолтоо болуп, чаржайыт жазууга кеңири жол ачып берди.

Алар: 6-§: Догдур, жашик, номур, гезит, силиндр, шотка, плаш ж. б. у. с. ондогон сөздөр. 67-§: азбест эмес, азбес; артист эмес, артис; ж. б. у. с.

1983-жылкы сөздүктө аталган сөздөрдүн жазылышы (беттери кашаада) көрсөтүлүп, берилгенин эске алалы, айрымдары: *доктор* (147) *яшик* (568), *номер* (335), *газета* (125) *область* (357, *облус* эмес), *цилиндр* (500), *щётка* (543), *плащ* (386) ж. б. орус орфографиясындагыдай жазылганына кыргызча айтылышы боюнча сунушталышы карама-каршы келет.

Академик Б. М. Юнусалиев: «Орус тили аркылуу оозеки речте мурда учурабаган тыбыштар кабыл алынып, аларды жазуу үчүн алфавиттин составы жаңы ариптер менен толукталды. Жаңы кабыл алынган интернационалдык сөздөрдү чаржайыт жазууга жол бербес үчүн аларды бир формада – орусча жазылышы боюнча жазуу жөнүндөгү орфографиялык принцип практикада сындан өтүп, өзүн толук актады», – деп 1953–1956-жылдарда жазганы эске алынбаган. (Адабий тилдин кээ бир маселелери. Тандалган эмгектер, – Фрунзе, 1984, 329-бетти караңыз).

Кошмок сөздөрдүн жазылышы жөнүндө 1926-жылы Бакуда түрк тилдери боюнча кабыл алынган бүтүм эске алынбаган. Жогоруда көрсөтүлгөндөй, баш аламандыкка, өзүм билемдикке каршы туруп, сунуш кылынган эрежени коомчулук кабыл албай койду. 1953-жылкы эрежени кайтадан кабыл алууну

элибиз колдоого алышты. Жаңы сунуш кылынган жазуу эрежелеринин принциптери менен системасы ырааттуу сакталбаганын жана илимий негизи туура эместиги аныкталып, чаташтырылганын көптөгөн тилчи окумуштуу адистер, мектептин тил, адабият мугалимдери, басма сөз кызматкерлери тынымсыз далилдеп, аргументтүү, тана алгыс фактыларын келтирип, 15 жыл бою басма сөздөрдө макалаларын тынбай жарыялап, сындап келишкени баарыбызга кеңири белгилүү.

Орфографиянын принциптери менен эрежелери, ал экөөнүн ырааттуу сакталышы, билимдүү адис тилчи, адабиятчы – филологдорго арнап түзүлбөй, жалпы эл колдонуп жазуу, сабаттуу болуу үчүн арналат.

Анын принциптери менен жазуу эрежелери карапайым элибиздин билим деңгээли ар кыл бардык өкүлдөрүнө (балага да, чоң кишиге да) арнап түзүлөрүн эске алалы. Орфографиянын принциптери менен эрежелерин калың элдин катмары оңой жана тез өздөштүрүү үчүн анын илимий негизи жеткиликтүү жана түшүнүктүү болушу талап кылынат. Эреженин илимий негизи ырааттуу жана түшүнүктүү, так, кыска аныкталып түзүлсө, эл аны ыкчам тез үйрөнөт, өздөштүрөт, сабаттуулук ошончолук көтөрүлөт жана артат. Орфография, анын эрежелери менен принциптери татаал, эки ача, түшүнүксүз түзүлсө, эл аны өздөштүрө албай, башы айланып кыйналары жана аны түзгөндөргө нааразы болору ачык байкалды.

Ушу сөздөрдө жана ага уланган ар кыл мүчөлөрдүн айтылышы менен жазылышында сингармонизм (үндөштүк) мыйзамы да өзүнүн таасирин тийгизген. Андай өзгөрүүлөрдү илимий негизде далилдөө жана аныктоо үчүн түрк тобундагы тилдерде төл сөздөрүндө басымдуу жана туруктуу колдонулган сингармонизм мыйзамын жана анын маңызын өздөштүргөндө гана анын татаал сырларын байкап, сөздөрдү катасыз туура жаза алууга болот. Т и л д и н катышына карата үндүүлөрдүн бир өңчөй жоон же бир өңчөй ичке, бир өңчөй эринсиз үндүүлөр менен айтылышы жана жазылышы бүткүл түрк тилдеринде, бардык түрк сөздөрүнө тең орток, жалпы орун алат жана ырааттуу сакталат. Ошентип, түрк тилдеринин бардыгында түрк сөздөрүндө үч түрдүү: **1) бир өңчөй жоон; 2) бир өңчөй ичке; 3) бир өңчөй эрин, эринсиз үндүүлөр менен айтылышы жана жазылышы сакталат.**

Кыргыз тилинде башка түрк тилдеринде учурабаган атайын өзгөчөлүк ырааттуу сакталат. **Биринчиси – сөздөрдүн унгулары менен мүчөлөрүндө баштан аяк эринчил үндүүлөрдүн ырааттуу жолугушу жана туруктуу сакталып айтылышы; Экинчиси – уяң (сонор): й, л, м, н, ң, р үнсүз тыбыштар катышкан төл сөздөрдө каткалаң жана жумшак үнсүздөр экөө тең келе бериши. Мисалы:**

й: жайга – жайка, байга – байка, айгыр – айкыр, кайгы – кайкы

р: кордук – кортук, жарды – жарты, арга – арка, ыргы – ыркы, кырга – кырка

л: алды – алты, калган – калкан, калдыр – калтыр

м: тамды – тамтык, сомдо – коломто

н: жандык – жантык, киндик – кынтык, тандык – тантык, канды – канты

ң: аңга – анка, сөңгү – сөнкү, мөңгү – мөнкү, таңгак – таңкы ж.б.

Жалпы элдик тилибиздин көрөңгөсүндөгү топтолгон тил байлыгын өзүнө кабыл алып, анын негизинде адабий тилибиз калыптанганын кыргыз диалектологдору изилдеп жана аныктап илимий негизде далилдешкен. Кыргыздын жалпы элдик тилинде (анын үч диалектиси менен алардын говорлорунда) бүткүл кыргыз урууларынын ынтымагы менен тилинин бир-

дигине баш коштурган, баарында бирдей мааниде жана бирдей форма орун алган, кыргызга жалпы таандык жалпы элдик тилинин үч бөлүмүн: 1) фонетикалык системасындагы 34 тыбышты; 2) лексикалык системасын; 3) грамматикалык түзүлүшүн өз ичине камтыйт. Жалпы элдик тилибиздин аталган үч бөлүмүн өзүнө кабыл алып, анын негизинде адабий тилибиз калыптанган.

Жогоруда атайылап сөз кылган төл сөздөрүбүздүн унгусунда мүчөлөр жалганганда анын таасири тийип, унгудагы үнсүз тыбыштардын өзгөрүшү же башка бир, бөлөк тыбыштарга өтүп айтылышы жөнүндө түшүнүк бере кетели.

Унгу жана мүчөдө орун алган үндүү, үнсүз тыбыштар бири-бирине таасир этип өзгөрүш процесси адабий тилибиз өнүккөнгө чейин эле, байыркы убакта жалпы элдик тилибизде алгачкы өнүгүү этабы башталып, алардын өнүгүшү салтка айланып келгенин байкайбыз. Адабий тилибиздин орфографиясы менен орфоэпиясында колдонулган нормалары жана эрежелеринин салтка айланышы жалпы элдик тилибиздин негизинде калыптанганын эскере кетели.

Дифференциялоо (айырмалоочу) принцип – айтылышы бирдей, бирок мааниси ар түрдүү уйкаш сөздөрдү жана алардын ар кандай түрлөрүнүн орфографияланышында колдонулат.

Адабий тилибиздин лексикасынын көпөнгөсүндө турпаты (тыбыштуу түзүлүшү) окшош айтылган сөздөр арбын. Тематикалык жактан алганда алардын мааниси (түшүнүгү) ар кыл жана ар түрдүү. Аларды сабаттуу, катасыз жазуу зарыл болот.

Айырмалоо принциби сөздөрдү бөлөк, бирге жана араларына дефис белгисин коюп жазуу учурларында колдонулат.

Тексттеги сөздөрдү бириктирбей, ар бирин айрым-айрым жазуу принциби айтылып жаткан ойду так, туура түшүнүүгө да, сөз тизмегиндеги сөздөрдүн ар бир сөзүнүн чегин аныктап катасыз, сабаттуу жазууга толук мүмкүндүк берет. Сөздөрдү практикалык максатта туура айтууда жана катасыз, сабаттуу жазууда лексикалык мааниге ээ болгон атооч сөздөрдүн өзүнчө тобу (зат, сын, сан, ат атооч, этиш, тактооч) сөздөр жана кызматчы (байлатмалар, жандоочтор, бөлүкчөлөр, модаль сөздөр), тууранды, сырдык сөздөр өз ара бөлүнүшүп, айрым-айрым жазылат.

Ар бир сөз түркүмүнө таандык сөздөрдүн орфографиябыздын системасында атайылап кабыл алынган жазуу эрежелери менен алардын принциптери да бар. Алардын ар бирин мааниси боюнча аныктоонун жана ажыратуунун зарылчылыгы айтууда жана жазууда зор роль ойнойт.

Кокустан ар бир сөз түркүмүнө таандык сөздөрдүн маанилерин так аныктабай жазууну сунуш кылсак, алардын ар бирине таандык жазуу эрежелерин жана системасында ар кыл нормаларын чаташтырып, баш аламандыкка жол беребиз. Мисалы: ар кандай, эч ким ж. б. сөздөрдү мурдагы жазуу эрежелеринде бөлөк жазылган сөздөрдү өзгөртүп, аркандай, эчким деп бирге жазууну жаңы эрежелеринде сунуш кылган. Алар башка бир маанини түшүндүрүп каларын эске алышпаганын эскерте кетели.

Сөздөрдүн бирге жана бөлөк, дефис аркылуу жазылыш эрежелери, анын системасы жаңы эрежелерде сунуш кылынгандай чаташтырылса, сакталбаса айтууда да, жазууда да баш аламандык пайда болот. Ошентип, сөздөрдү айтууда жана жазууда орфографиябыздын системасында кабыл алынган, эл көнүп

калган жазуу эрежелерин жана алардын төрт түрдүү принцибин туура колдонуу зарыл жана керек экени ар кыл сөздөрдү иш жүзүндө жазууда аныкталып, такталат. Орфографиябыздын айырмалоочу принциби тыныш белгилерин коюп, маанисинде ар кыл өзгөчөлүгү бар төмөнкүдөй сөздөрдү жазууда колдонулат.

1. Айтылышы бирдей сөздөр жалпы ат же энчилүү ат катарында колдонулганда баш же кичине тамга аркылуу жазылышы айырмаланат, мисалы:

ажар, азиз, акыл, асыл бермет, бакыт, кубан, кубат.	Ажар, Азиз, Акыл, Асыл Бермет, Бакыт, Кубан, Кубат ж.б.

2. Кошмок сөздөр кичине тамга аркылуу ар бири бөлөк жазылат.

Мисалы: жени жок, балык ооз, сары кунан, бек тур, кудай берген тенир берди, таап алды

Кошмок сөздөр энчилүү ат катарында колдонулса, баш тамга аркылуу бирге жазылат.

Мисалы: Женижок, Балыкооз, Сарыкунан, Бектур, Кудайберген, Тенирберди, Таабалды ж. б.

3. Айтылышы бирдей энчилүү аттар чыгарманын аталышы катарында колдонулса тырмакчага алынат, чыгарманын каарманы катары колдонулса тырмакчага алынбайт, мисалы:

энчилүү ат	чыгарманын аталышы
Манас (баатыр)	«Манас» (эпосу)
Каныбек (каарман)	«Каныбек» (роман)
Курманбек (каарман)	«Курманбек» (эпосу)
Семетей (каарман)	«Семетей» (эпосу)
Сейтек (каарман)	«Сейтек» (эпосу) ж. б.

4. Тилибизде бүткүл кош сөздөр жана алардын бардык түрлөрү, арасына дефис белгиси коюлуп жазылыш орфографиясы кабыл алынган, өзгөртүлгөн эмес.

5. Тилибизде орун алган кошмок сөздөр жана алардын түрлөрү эки түрдүү: бирге жана бөлөк жазуу традициясы кабыл алынганы белгилүү. Аны түшүндүрө кетели.

Кошмок сөздөрдүн ар бир сөзү (түгөйү), азыркы кезде, мааниси сакталып калса жана өз алдынча сөз катарында колдонулса, ар бир сөзү өз-өзүнчө, бөлөк жазылат. Мисалы: эч ким, эч нерсе, ар ким, ар кандай, таш бака, көз айнек ж. б.

Кокус кошмок сөздүн бир түгөйү, азыркы кезде өз маанисин сактап калбаса жана өз алдынча сөз катарында колдонулбаса бирге жазылат. Карагат, кожогат, кызылгат, Каракол, Кокомөрөн ж. б.

Оозеки речте бири экинчисинен айырмаланбай, айтылышы окшош болгон кээ бир сөздөрдү бири-биринен айырмалап (бирин экинчисине окшоштурбай) жазуу аракетинде орфографиянын дифференциациялык принцибинин негизинде аныкталат. Айрым бир уйкаш сөздөрдү – омонимдерди жана алардын ар кандай түрлөрүн жазууда колдонулат.

К. К. Юдахиндин «Кыргызча – орусча сөздүгүндө» (Москва 1965-жыл) омоним сөздөр рим цифрасы менен белгиленгенин проф. К. Дыйканов эсептеп чыгып, алардын статистикасы жөнүндө турпаты (тыбыштуу куралы) 3.284 сөздө, бардыгынын саны 9.122 сөз омонимдик кубулушка жатарын маалымдаган (проф. К. Дыйканов. Кыргыз тилинин фонетикасы менен лексикасы боюнча методикалык колдонмо (Кыргыз филология факультетинин студент-

терине арналат). Фрунзе. 1988-ж. 99-бет). Турпаты (тыбыштуу куралы) уйкаш – омоним сөздөрдүн орфографиябызда дифференциялык принцип боюнча жазылышы атайылап изилдене элек. Алар тематикалык жактан алганда ар кыл жана ар түрдүү. Ар кандай сөз түркүмүнө таандык сөздөрдү өз кучагына алат. Аларды укkан адамдар ар бири кандай мааниде айтылып жатканын, эмнени түшүндүрөрүн аныктап баамдап сезүү, эмне жөнүндө сөз болуп жатканын ажыратуу өтө татаал болгону, чаташтырууга жол берилгени тилдик практикада (алардын айтылышында) экени кеңири сезилип, байкала баштайт. Анын негизги себеби уйкаш, бирдей айтылган сөздөрдүн тыбыштуу курамында экени аныкталат. Аларды туура, катасыз, сабаттуу жазууда орфографиянын системасында айырмалоочу принципти колдонуу зарылчылыгы пайда болот. Омонимдик кубулуштардын ар кандай түрлөрүн, атап айтканда, омофондорду, омографтарды, омоформаларды, грамматикалык омонимдерди өз кучагына алат.

I. Омофондор жөнүндө. Анын кээ бир фактыларына кайрылалы.

1. **Сулуу – сулу, бүлөө – бүлө** ж. б. сөздөр кыска жана созулма үндүүлөр аркылуу жазылса да, экөө тең созулма үндүү менен айтыла берет. Оозеки речте жана адабий чыгармаларда аягы кыска жана созулма үндүү менен айтылган жана жазылган учурлары далил боло алат. Кавказда **сулуу** жерин көр (А. Токомбаев). Арпа, буудай, сулуулар эжигейдей бышып калган (К. Жантошев). Эр **бүлөөнүн** көзү казатта (Т. Сыдыкбеков). Кылычтай болгон ак канжар. **Бүлөө** ташка кайраган (А. Осмонкулов).

Түштүк, Талас кыргыздарында **сүлү** (эгин). Танабай куржунга колун салып, **сүлү** бар экенин көрдү (Ч. Айтматов. Гүлсарат. Фрунзе,1978-ж.105-бет). Түндүктө **сулуу** (эгин) деп айтыла берет. Аталган эки сөз турпаты бирдей айтылса да, ал экөөнү айырмалап көрсөтүү, чектөө максатында бири кыска, экинчиси созулма үндүү аркылуу жазылышы «Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгүнүн 177- бетинде: **сулу** (эгин, сулуу эмес). **сулуу** *сын а.*, 116-бетинде: **бүлө** (үй-бүлө); **бүлөө** (курчтуучу таш) деп дифференциялык принциптин негизинде орфографияланышы көрсөтүлгөн.

Айтылышы бирдей, бирок жазылышы ар башка сөздөр – омофондор деп аталат. Мисалы:

орфографияланышы – жазылышы	орфоэпиясы – айтылышы
гүл (өсүмдүк, иран сөзү)	күл (күйгөндөн кийинки калдыгы, төл сөз)
пуд (оордук өлчөмү, орус сөзү)	бут (аяк, төл сөз)
пул (акча – тенге; грек, иран сөзү)	бул (ат атооч, төл сөз) ж.б.

Аталган үч сөздүн этимологиясы бөтөн тилге таандык сөз экени көрсөтүлдү. Сөз башында г жана п тыбышы аркылуу айтылышы, чыгыш тегин (этимологиясын) эске алганыбызда төл сөздөрүбүзгө мүнөздүү, анын традициясында орун алган кубулуш эмес. Аталган сөздөр түштүк кыргыздарынын тилине түндүк кыргыздарынын тилине караганда мурунку убакта эле оошуп кирген, адабий тилибиздин орфографиялык системасында анын нормаларынын: иштелип чыгышында сөздүн башында г, п тыбыштарынын орфографияланыш традициясы түштүк кыргыздарынын тилинин таасири тийип, анын негизинде кабыл алынганын эске алалы.

Орфографиялык сөздүктө **гүл, пуд, пул** деп көрсөтүлгөн.

II. Омографтар жөнүндө. Айтылышы ар башка, бирок жазылышы бирдей сөздөр – омографтар деп аталат. Мисалы:

1. орфоэпиясы – айтылышы төл сөздөрдө	орфографиясы – жазылышы орус сөздөрүндө
ток (курсак)	ток (электр)
карта (жылкыныкы)	карта (географиялык)
бак (этиш, зат ж.б.)	бак (бензин куйган)
кулак (анатомиялык)	кулак (орто дыйкан)
карындаш	карандаш > карындаш

1940-жылы орус алфавитин өзгөртүүсүз кабыл алганда К. К. Юдахиндин сунушу боюнча анын («Советская Киргизия» газетасына 1940, 9 мая, № 105) «Нужны ли в новом алфавите буквы Қ, F» аттуу макаласы чыгып талкууланган. Кеңири талкуунун негизинде сингармонизм мыйзамына ылайык кыргыз орфографиясынын системасында жоон үндүүлөр: а, о, у, ы менен айтылган төл сөздөрүбүздө түпчүл К жана F, ал эми ичке үндүүлөр: е (э), и, ү, ө менен айтылганда к менен г тыбыштарын жазууда экөөнө тең орток к менен г аркылуу орфографияланышын сунуш кылганын элибиз колдоого алган.

Ошентип орфографиябыздын системасында тилдин катышында түпчүл К менен F жана орточул к менен г төл сөздөрүбүздүн айтылышында ар бири дандаана сезилип турат. Ал экөөнү айырмалап өзүнчө тыбыштарды колдонуп отурбай, шарттуу түрдө, жазылышында экөөнө тең орток болгон к менен г аркылуу орфографияланышын К. К. Юдахин 1940-жылы сунуш кылган эле.

Жоон жана ичке үндүүлөрдүн ар биринин өз алдынча айтылган айырмалуу өзгөчөлүгү менен касиети кыргыз тилинде сингармонизм мыйзамы туруктуу сакталып жана өкүм сүргөн абалында колдонулушу себеп болорун К. К. Юдахин кылдат байкаган жана аныктаган.

Ал эми өзбек, уйгур тилдеринде жоон жана ичке үндүүлөрдүн кыргыз тилиндегидей айтылышындагы айырмалуу спецификалык өзгөчөлүгү менен өзгөчө касиети сакталып калбай, акырындык менен жоюлуп кеткен. Ошол себептен өзбек, уйгур тилдеринин орфографиясында терең түпчүл к менен г тыбыштарын айырмалап белгилөөдө қ га куйрук, ғ га белдик тагып жазууга аргасыз болгон абалын К. К. Юдахин илимий негизин кылдат байкап, талдоого алып түшүндүргөн. Кыргыз тилинде жоон жана ичке үндүүлөр, жогоруда белгилегендей, өздөрүнө таандык болгон ар биринин өзгөчөлүгүн жана касиетин, айтылышында анын маанызын эске алышпай, кээ бир тилчилер, өзбек, уйгур тилдеринде Қ менен F нин жазылышында куйругу жана белдиги бар, бизде эмне үчүн жок дешип, жүргүшөнүн кылдат байкабагандыктан экенин эскерте кетели.

2. Айтылышы бири-бирине окшош келип, сөз башында К жана Х аркылуу **кан – хан** түрүндө эки башка жазылышында орфографиябыздын системасында айырмалоочу принциптин колдонулуп келе жатканына бир топ окшош – омоним сөздөрдүн лингвистикалык (орфографиялык, түшүндүрмө, кыргызча – орусча) сөздүктөрдө камтылышы далил боло алат.

3. Мисалы: **дүйнө – дүнүйө, табыш – тыбыш, форма – борум, завод – зоот, ряд – ирет** ж. б. Дүйнө (аалам, жер жүзү, маанисинде: жаныбарлар дүйнөсү, дүйнөлүк согуш) – дүнүйө (байлык, мүлк маанисинде: дүнүйөсү мол (же көп); завод (ишкана: жылкы заводу) – зоот (зоот айгыр (үй,мал)), форма (көлөмү, түрү, сырткы көрүнүшү) – борум (1. сымбат, көрк,сулуулук, «Борумуңдан боз бала, Воздотпочу садага» (Алыкул) 2. Каада, салт. «Борумдуу элден алдашып, Воздоп кайда жүрөсүн» (Осмонкул)). Ряд – ирет (сөзү да үч башка мааниде колдонулары «Түшүндүрмө сөздүктө, Фрунзе. 1969, 251-252-бетин караныздар).

659337

III. Омоформалар тууралуу. Айтылышы окшош, бирок унгу сөзү менен унгуга уланган сөз формалары – мүчөлөр окшошуп калышында да айырмалоочу принцип колдонулуп, орфографияланып бирге жазылат.

1. Сөздүн унгусу	унгуга уланган мүчөлөрү окшош айтылышы
катын (алды)	катын (кат + ын алды)
асыл (асыл таштан)	асыл (ас + ыл)
жаздык (жаз+дык жазда)	жаздык (жаз+ды+к, биз жаздык)
саазда (саз+да жөндөмө мүчө)	саазда (сазү+ла этиштик мүчө)

2. Этиш сөзгө жалганган мүчөлөр менен энчилүү атка уланган мүчөлөрдүн орфографияланышын аныктоодо да айырмалоочу принцип колдонулат.

этиш сөздөргө мүчө жалганганда	энчилүү аттарга мүчө уланганда
алышпаймын (алыш+па+й+мын)	Алышбаймын (Алыш+бай+мын)
айтпаймын (айт+па+й+мын	Айтбаймын (Айт+бай+мын) ж. б.

Чечмелеп түшүндүрсөк этиш сөздөрдө, пай эки мүчөгө биринчиси па – терс мүчө, экинчиси – й чакчыл мүчөгө ажыратылат. Энчилүү аттардын түзүлүшүндө биринчи жана экинчи сөздөрү ар-бири өз алдынча маани берген сөздөр. Алыш, Айт жана бай деген сөздөргө биринчи жактын мүчөсү+ мын уланышынан пайда болгонун аныктайбыз.

IV. Грамматикалык омонимдер. Байыркы түрк жазма эстеликтерде учураган бир-эки муундуу сөздөр этиштик жана заттык мааниде да колдонулган. Адегенде этиштик мааниси пайда болуп, субстантивдешип кеткендиктен бара-бара заттык маанини түшүндүрүшү жиктелип ажыратылганын Б. М. Юнусалиев маалымдаган. Алардын орфографияланышында айырмалоочу принцип колдонулат.

Этиштик мааниде	заттык мааниде
көч-, той-, тоң-	көч, той, тон
(көчтү, тойду, тонду)	(көч келди, той берди, тоң жер)
кенеш-, окуу-	кенеш+ өкмөтү, окуусу жакшы

Аталган сөздөр айтылышы окшош болгону менен түшүндүргөн лексикалык маанилерин өз ара чектеп көрсөтүү максатында алардын орфографияланышында келтирилген фактылары айырмалоочу принцип боюнча жазууга негиз боло алат деген тыянакка келебиз.

Ушул учурдан пайдаланып, тыбыштуу курамы (айтылышы) окшош болгон энчилүү аттардын курамында бай сөзү (Сагынбай, Турсунбай, Рысбай же Рыспек ж. б.) жана уяң үнсүз менен аяктаганда мүчө -бай, каткалаң үнсүз менен аяктаганда анын варианты -пай (экөө тең эле мүчө) экенин талдоого алып, айырмалуу өзгөчөлүктөрү менен касиетин аныктай албай жазылышын чаташтырып жүрөбүз. Ал экөөнү талдап салыштырганда биринчиси – өзүнчө колдонулган сөз, экинчиси – мүчө экени төмөнкүчө далилденет.

мүчө экени	сөз -бай экени
алышпаймын (алыш+ па+ й+ мын)	Алышбаймын (Алыш+ бай+ мын)
айтпаймын (айт+ па+ й+ мын)	Айтбаймын (Айт+бай+мын)
сагынбаймын (сагын+ ба+ й+мын)	Сагынбаймын (Сагын+ бай+ мын)
каргабаймын (карга+ ба+ й+ мын)	Каргабаймын (Карга+ бай+ мын)

Традициялык (салттуулук) принциби. Бул принцип, негизинен, жазмасы кылым санап өнүгүп калыптанган тилдерде гана колдонулат. 19-кылымдын экинчи жарымында орус жана украин элдеринин кыргыз жергесине келиши менен орус сөздөрү өзөктүү түрдө кыргыз тилинин тыбыштык системасынын өзгөчөлүгүнө ылайыкташып өздөштүрө баштаган. Мисалы: абак, набак (гауптвахта), ашмүшкө (восьмушка), бечет (печать), борма, борум (форма), божү, можу (вожжи), бөлкө (булка), болуш (волость), жарманке (ярмарка), ирет (ряд), закүн (закон), каамыт (хомут), кожойун (хозяин), зоот (завод), көпөс (купец), керебет (кровать), көлөч (галош), көзүр (козыр), орус (рус), меш (печь), момун (бубна), момозуй (бумазея), мүштөк (мундштук), соко (соха), самоор (самовар), саржан (сажень), сөлкөбай (целковый), ойоз, үйөз (уезд), чайнек (чайник), чиркөө (церковь), чыт (ситец) ж. б. у. с. сөздөрдүн өзгөрүшүндө адегенде өзөктүү түрдө кыргызча айтылышындагы варианты, кашаада орусча жазылышы көрсөтүлдү. Өздөштүрүлгөн сөздөрдү иликтеген изилдөөлөрдө эки жүздөн ашуун сөз кабыл алынганы маалымдалат.

«Кыргызча – орусча сөздүгүндө» (Москва. 1965) академик К. К. Юдахин орус жана интернационалдык сөздөргө *р* деген белги койгон. Проф. К.Дыйканов аны эсептеп чыккан. Анын маалыматына караганда, статистикасы боюнча 10,52% 3.935 сөз өздөштүрүлгөнүн маалымдаган (К.Дыйканов. Кыргыз тилинин тарыхынан, Фрунзе, Мектеп, 1980, 149-бетин караңыз»). Интернационалдык жана орус сөздөрүнүн орфографияланышы тууралуу тилчилер, философтор арасында 1950–1960- жылдарда дисскуссия башталып, айгышкан талаш жүргөн. Анын жыйынтыгында тилчилер менен философдор (академиктер И. А. Батманов, А. Алтымышбаев) интернационалдык сөздөрдүн бардыгын орусча кандай жазылса, ошондой жазууну сунуш кылышкан. Ал эми белгилүү тилчилерибиз – академиктер К. К. Юдахин, Б. М. Юнусалиев жана К. Карасаев ж. б. орус тилинен өздөштүргөн сөздөр эки башка тарыхый доордо кабыл алынганына жараша эки түрдүү жазылышын сунуш кылышкан.

Биринчиси Октябрь революциясына чейин, экинчиси андан кийин өздөштүрүлгөн сөздөр. Октябрь революциясына чейинки сөздөр өзөктүү түрдө өздөштүрүлгөнүн эске алып, аларды кыргызча айтылышы боюнча жазуу зарылчылыгын далилдешкенине карабастан, аларды саясатка такап, улутчул консерваторлор деген "ярлык" тагышкан. Улутчул аталган тилчилер орус сөздөрүн жазууда төмөнкүдөй негизге таянганы себептерин далил келтиришкен. Биринчиден, өзөктүү түрдө өздөштүрүлгөнүн аныкташкан, ошондой шартта орус тилинде колдонулган.

В, х, ф, ц, л, ь (жумшартуу белгисин туюндурган) тамгалардын тыбыштуу айтылышын жана алар катышкан сөздөрдү, мисалы: самоварь, волость, кровать, хозяин, церковь, ситец деп кыргыз тилде айтуу жана жазуу мүмкүн эместигин далил келтиришкен.

Экинчиден (орус алфавитинин негизинде кыргыз алфавити кабыл алынганга чейинки мезгилде) орус тили аркылуу өздөштүрүлгөн сөздөрдү Октябрь революциясынан мурда орус тили аркылуу өздөштүрүлгөн сөздөрдү кыргызча айтылышы боюнча жана орус орфографиясындагыдай, эки түрдүү жазууну сунуш кылышкан. Ошол сунуш орфографиябыздын системасында кабыл алынган үчүн эки түрдүү жазылып келген. Адегенде кыргызча жазылышы, ага удаа орусча жазылышы берилди. Салыштырып көрөлү, мисалы:

самоор – самовар	кожойун – хозяин
болуш – волость	борум же
керебет – кровать	борма – форма
зоот – завод	ирет – ряд
божу, можу – вожжи	каамыт – хомут
орус – рус	чиркөө – церковь
меш – печь	чыт – ситец
соко – соха	саржан – сажень
бечет – печать	көпөс – купец
жарманке – ярмарка	ж. б.

Ал эми Октябрь революциясынан кийин кыргыз жана орус улуттарынын арасында саясий, экономикалык, маданий тыгыс байланыш түзүлгөн тарыхый кардаалдын шарттарында кыргыз улутунун улуттук жазмасы аркылуу орус сөздөрүн орус графикасындай жазууга зор мүмкүнчүлүк түзүлгөнүн жана алфавитибизде в, х, ф, ц ж.б. тамгалар 1940-жылы кабыл алынганын эске алып, орусча кандай айтылса, так ошондой айтуу жана жазуу эрежелери атайылап кабыл алынган болчу. Анын илимий негизи жөнүндө академик Б. М. Юнусалиев: Дүйнөлүк маданияттын жетишкен баалуу жаңылыктарын кыргыз эли жана анын тили орус тили аркылуу өздөштүрүлгөн интернационалдык илимий-техникалык сөздөр менен терминдерди өзүнө сиңирип алып байытууда жана толуктоодо орус тили жагымдуу роль ойногонун баса белгилеген. «Орус тили аркылуу оозеки речте мурда учурабаган тыбыштар кабыл алынып, аларды жазуу үчүн алфавитибиздин составы жаңы ариптер менен толукталды. Жаңы кабыл алынган сөздөрдү чаржайыт жазууга жол бербес үчүн аларды бир формада – орусча жазылышы боюнча жазуу жөнүндөгү орфографиялык принцип сыңдан өтүп, өзүн толук актады» – деп 1950-жылдарда жазганын эске алалы. Ошол принцип боюнча жазылышы кабыл алынып элибизде традицияга айланганы белгилүү. 1983-жылы басылган Х. Карасаев түзгөн «Орфогрфиялык сөздүктө» интернационалдык сөздөрдүн орфографияланышы орус тилиндегидей жазуу сунуш кылынган эле. Айрым фактыларын мисалдар келтирүү менен чектелели. Беттери кашада көрсөтүлдү: белет эмес, билет (93); мүнөт эмес, минута (335); номур эмес, номер (355); гезит эмес, газета (125); деректир эмес директор (145), доктур эмес, доктор (147), шопур эмес, шофёр (507) жашик эмес, ящик (568) ж. б. у. с.

Адабий тил, алгачкы изилденгенде кээ бир изилдөөчүлөр жаңылыш ойлогондой, жазма түрүндө ойлоп табылган тил – деп ката кетиришкен. Оюбузду жыйынтыктоо ирээтинде В. Г. Белинскийдин ал жөнүндө айткан сөзүнөн цитата келтире кетели. «Адабий тил ойлоп табылып ойдон чыгарылган жасалма тил эмес. Аны жараткан жана колдонгон ээси – эл. Тилчи-окумуштуулар изилдегенде анын закондору менен системасын гана аныкташса, акындар менен жазуучулар тилдеги сөздөрдү колдонушуп, чыгармаларын жазышат» – деген. Кырк жыл бою, бүткүл өмүрүн арнап, кыдырбаган айыл-кыштагы, окубаган китеби калбай, кыргыз тилинин бай лексикасын чогултуп, биринчи жолу эбегейсиз чоң коломдо, бал жыйнаган мээнеткеч аарыдай талбай эмгектенип, «Кыргызча-орусча сөздүктү» эң мыкты үлгүдө түзгөн үчүн СССРдин Мамлекеттик сыйлыгын Константин Кузьмич Юдахинге 1967-жылы салтанаттуу тапшыруу учурунда бир журналист: «Кыргыз тилинин бүткүл тил байлыгы камтылдыбы?» –деп суроо берди. Жооп берип, К. К. Юдахин: «Кыргыздын тили – көл деп айтсам туура болот. Колдон чакалап, чөмүчтөп сууруп алдым.

Колду соолтууга болобу? – деп суроо берген кишиге кайрылганда, ал: «Мүмкүн эмес» деп жооп берди. К. К. Юдахин чоң залда өз оюн улантып: «75 жашка келгиче кырк жыл талыкпай эмгектенип, ушул сөздүктү түздүм. Кылган ишим, баккан балам да ушул сөздүк болду. Ушул залда менден таалим-тарбия, илим-билим алган, тажрыйбамды үйрөнгөн улуу-кичүү муундагы лексикографтардын өкүлдөрү олтурушат. Калган катканы болсо, ошолор иштесин, алардан доолагыла» – деп сөзүн аяктады. Залда отургандар К. К. Юдахинге алкышын, урматтоосун билдирүү ирээтинде дүркүрөтө узакка созулган кол чаап, залдын ичи дуулдап, көпкө чейин жаңырып турган учур алигиче эсимден кетпейт.

Сөздүктүн түзүлүш принциптери, составы жана андагы сөз формаларынын берилиши

«Сөздүк» азыркы кыргыз адабий тилинин лексикалык байлыгын мүмкүн болушунча камтыйт, бирок жазма адабиятта кездешкен кээ бир диалектизмдерге да белгилүү орун берилет.

«Сөздүктө сөздөр баштан аяк алфавит тартибине ылайык жайгаштырылып, кичине тамга менен башталып жазылат. Бирок татаал сөздөр жана туруктуу сөз айкаштары негизинен алгачкы компоненттеринин уясында ич ара алфавит тартибинде жайгашат. Муну менен сөздөрдүн кандайча жазыла тургандыгын жеңил таап алуу мүмкүнчүлүгү түзүлөт.

Кыргыз тилинин орфографиялык эрежелери негизинен төмөнкүдөй үч принципке таянгандыгы белгилүү: 1) морфологиялык принцип; 2) фонетикалык принцип; 3) тарыхый (же салттуу) принцип.

1. Морфологиялык принцип сөздөрдүн үнгусун (негизин) туура жазууда жетекчиликке алынат. Бул принцип боюнча үнгу (негиз) ошол сөздөгү же жанаша келген башка сөздөгү табыштардын таасиринен улам айырмаланып, айтылышынча ар түрдүү жазылбастан, бардык шартта бирдей жазылат. Мисалы:

1) Аягы *з* менен бүткөн үнгуга (негизге) *с*, *ч* менен башталган мүчө жалганса, мүчөнүн башкы үнсүзүнүн таасири менен *з* тыбышы *с* тыбышына өтүп айтылат. Бирок жазууда мындай өзгөрүүлөргө жол берилбей, үнгуда (негизде) *з* сакталат:

казсыз (*кассыз* эмес)	созсуз (*соссуз* эмес)
казчы- (*касчы-* эмес)	тузсуз (*туссуз* эмес)

2) Орус тилинен өздөштүрүлгөн сөздөрдүн аягындагы *б*, *г*, *д* тыбыштары катказандашып *п*, *к*, *т* түрүндө айтылганы менен, жазууда сөз *б*, *г*, *д* аркылуу жазылат:

абсурд (*абсурт* эмес)	герб (*герп* эмес)
авангард (*авангарт* эмес)	завод (*завот* эмес)
биолог (*биолок* эмес)	лексиколог (*лексиколок* эмес)
геолог (*геолок* эмес)	

3) Төл сөздөрдө аягы *ч* менен бүткөн үнгуларга (негиздерге) *л*, *д* тыбыштары менен башталган мүчө уланса, мүчөдөгү бул тыбыштар катказандашып, *т* болуп айтылат. Бул шартта мүчөнүн башындагы *т* тыбышы да үнгүнүн (негиздин) аягындагы *ч* тыбышына таасир этип, анын *ш* болуп айтылышына алып келет. Бирок жазууда үнгүнүн (негиздин) аягындагы *ч* тамгасы сакталат:

көрөгөчтүк (*көрөгөштүк* эмес) **тынчтык** (*тыныштык* эмес)
күчтүү (*күштүү* эмес) **чачтуу** (*чаштуу* эмес)

Ушундай эле абал **ч** тыбышы менен аяктаган сөзгө **ч** менен башталган мүчө жалганууда да байкалат:

жыгаччы (*жыгаччы* эмес)
кылыччан (*кылыччан* эмес)

4) Сонку тыбыш *н* болгон сөздөргө *г, к* менен башталган мүчөлөр уланса, *н* тыбыш *ң* тыбышына, эгерде *б, м* менен башталган мүчө жалганса, *м* тыбышына өтүп айтылат. Бирок жазууда буларга жол берилбейт:

кийинки (*кийиңки* эмес) **багынбас** (*багымбас* эмес)
көрүнгүс (*көрүңгүс* эмес) **болунбос** (*болумбос* эмес)
күнкор (*күңкор* эмес) **ишенбестик** (*ишембестик* эмес)
түнкү (*түңкү* эмес) **колдонмо** (*колдоммо* эмес)

4) *а, о, у* тыбыштарынын бири менен башталган айрым унгу сөздөр (негиздер) өздөрүнөн мурда бей- приставкасынын жалганышына жол берет. Мындай учурда унгусу (негизи) өзгөрбөй сакталган туунду сын атоочтор жасалат да, мүчөнүн аягындагы *й* тыбышы менен унгу сөздүн (негиздин) башталышындагы *а, о, у* тыбыштары бир тамга – *я, е, ю* аркылуу белгиленбестен, эки тамганын айкашы аркылуу *йа, йо. йу* болуп жазылат:

бейадеп (*беядеп* эмес) **бейопа** (*беопа* эмес)
бейакыл (*беякыл* эмес) **бейорун** (*беорун* эмес)
бейал (*беял* эмес) **бейубак** (*беюбак* эмес)

Сөздөрдүн унгуларын (негиздерин) туура жазууда орфографиялык эрежелер морфологиялык принципке таянуу менен катар, айрым учурларда фонетикалык принципти жетекчиликке алууга жол берет.

2. Фонетикалык принцип сөздүн маанилүү бөлүктөрүнүн (унгулардын жана мүчөлөрдүн) кандай айтылса, ошондой жазылышына негизделген. Бирок көпчүлүк унгулардын (негиздердин) жазылышы, жогоруда көрсөтүлгөндөй, морфологиялык принципке негизделсе, сөз мүчөлөрүнүн жазылышы негизинен фонетикалык принципке таянат. Бул учурда унгудагы (негиздеги) сонку тыбыштын каткалан-жумшактыгы, жоон-ичкелеги, эринчил жана эринчил эместиги чоң мааниге ээ.

1) Мүчөдөгү тыбыштар жогоркудай көрүнүштөргө карай өзгөрүлүп, бир нече вариантта айтылып, жазууда аларга жол берилет: **аталаш, энелеш, короолош, көчөлөш, сырдаш, азилдеш, боордош, көңүлдөш, эшиктеш** ж. б.

Бирок тилибизде кээ бир мүчөлөргө унгу сөздүн аяккы муунундагы үндүүнүн сапаты таасир тийгизе албайт: **өнөрпоз, илимпоз, намыскөй, амалкөй, тамашакөй, атаке, акебай, женекетай.**

2) Унгунун (негиздин) акыркы тыбышына карай өзүнүн башкы үнсүзүн бирде өзгөртсө, бирде өзгөртпөй айтыла берүүчү мүчөлөр да кезигет. Булар ушул өзгөчөлүктөрүнө ылайык эки түрдүү жазылат: **түрдүү – түрлүү, шаардык – шаарлык** ж. б.

3) Пикир алышууда тыбыштык составын толугу менен сактап, же белгилүү даражада кыскарып колдонулуучу мүчөлөр да бар. Мисалы, этиштин жалпы өткөн чагынын *-ган* мүчөсү (жана анын фонетикалык варианттары) менен I жактын жак мүчөсү *-мын* (жана мунун варианттары) катар келгенде, андай этиштер үч түрдүү колдонулат:

а) Сөздөгү ар бир мүчө тыбыштык түзүлүшүн толугу менен сактайт: **жазганмын, билгенмин, конгонмун;**

б) *-ган* мүчөсү акыркы үнсүзүн түшүрүп таштайт да, *-мын* мүчөсү тыбыштык түзүлүшүн толук сактайт: **жазгамын, конгомун, билгемин;**

в) *-ган* мүчөсүнүн акыркы тыбышы менен *-мын* мүчөсүнүн сонку эки тыбышы түшүп калат: **жазгам, билгем, конгом.** Булар ушул өзгөчөлүктөрүнө үч түрдүү жазылат.

4) Чакчыл *-а* мүчөсү (жана анын варианттары) уланган сөзгө I жактын жак мүчөсү (*-мын*) жалганса, жак мүчө толук түрүндө да, акыркы эки тыбышын кыскарткан түрүндө да колдонулат: **келемин//келем, көремүн//көрөм.**

5) Чакчыл *-ып* мүчөсүнөн кийин божомолдогуч *-дыр* мүчөсү келсе, кийинки мүчөнүн башкы үнсүз каткаланга айланат жана тыбыштык составын толук сактап же алгачкы тыбышы түшүрүлүп колдонулат: **билиптир//билипир, келиптир//келипир, көрүптүр//көрүпүр.**

6) Илик, табыш жана жатыш жөндөмөлөрүнүн мүчөлөрү I же II жактын жекелик таандык мүчөсү уланган сөздөргө жалганса, башкы үнсүздөрүн сактап, же түшүрүп да колдонула берет: **атамдын//атамын, атаңдын//атаңын; атамды//атамы, атаңды//атаңы, атамдан//атаман, атаңдан//атанан.**

Ошентип, фонетикалык принцип мүчөлөрдүн кандай айтылса, ошондой жазылышына жол берет. Бирок сөздөрдүн жогорудагыдай грамматикалык мүчөлөр менен өзгөргөн учурларын «Сөздүк» камтыбай тургандыгы өзүнөн өзү белгилүү.

7) Айрым унгулардын (негиздердин) жазылышына фонетикалык принциптин таасир эткен учурлары да бар. Аларды төмөнкүлөрдөн байкоого болот:

а) Унгунун (негиздин) аягы *к, п* менен бүтүп, ага жалгануучу мүчө үндүү менен башталса, эки үндүүнүн ортосунда жогорку тыбыштар жумшарып, *г, б* болуп айтылат жана ушул өзгөрүштөрүнө ылайык жазылат: **ак+-ы=агы, бак+-ым=багым, так+-ы=тагы, бышык+-ы=бышыгы; кап+-ы=кабы, кеп+-ың=кебин, топ+-у=тобу, тап*-+-уу=табуу, чап-+-уу=чабуу, чап-+-ыл=чабыл, кап-+-уу=кабуу.**

Эскертүү. Бул эрежеге туранды сөздөр, ошондой эле башка сөз түркүмүнө кирген бирин-экин сөздөр багынбайт (мындай сөздөрдө унгудагы *к, п* тыбыштары эки үндүүнүн ортосунда *г, б* болуп өзгөрбөйт): **бак+-ылда=бакылда, бап+-ылда=банылда, лап+-ылда= лапылда, леп+-ылда=лепилде, чак+-ылда=чакылда, чек+-ылда=чекилде, бек+-и=беки** ж. б.

б) Кыска үндүү менен аяктаган унгуга (негизге) созулма үндүү менен башталган мүчө уланганда, унгунун (негиздин) акыркы тыбышы түшүп айтылат жана жазууда ошондой өзгөрүшүнө жол берилет: **эки+-өө=экөө. алты+-оо=алтоо, башта-+-оо=баштоо, тире-+-өөч=тирөөч.**

в) Аягы *й* менен бүткөн унгуларга (негиздерге) *а, э, о, у* менен башталган мүчөлөр уланса, унгунун (негиздин) аягындагы *й* өзүнөн кийинки үндүү менен бирдикте *я, е, ё, ю* болуп жазылат:

кый-+-а+-т=кыят **чой-+-о+-т=чоет**
кий-+-э+-т=киет **туй-+-а+-т=туят**

г) *Й* менен аяктаган унгуларга (негиздерге) созулма уу мүчөсү уланса, сөздүн аягындагы *й* мүчөнүн алдынкы *у* тамгасы менен бирдикте *ю* болуп жазылат да, андан кийин мүчөнүн сонку үндүүсү колдонулат: **жай-+-уу=жаюу**

---

* Буйрук маанидеги этиштерди ошондой эле формадагы башкы сөздөрдөн ажыратуу максатында «Сөздүктө» буйрук этиштерден кийин дефис (-) белгиси коюлат.

(*жайуу* эмес), **кой-+-уу=коюу** (*койуу* эмес), **сой-+-уу=союу** (*сойуу* эмес). Барок мындай унгуларга (негиздерге) *-өө, -үү* жана кыска үндүү *-ы* уланса, анда *й* сакталат:

кий-+-үү=кийүү	**бай-+-ы=байы-**
күй-+-үү=күйүү	**сый+-ы=сыйы**
өйү-+-үү=өйүү	**сүйө-+-өө=сүйөө**

д) Аягында *й* тыбышынан кийин бир үндүү келген сөздөргө созулма мүчө уланса, унгунун (негиздин) аягындагы кыска үндүү түшүп калып, сөз *й* тыбышы менен аяктаган сөздөр сыяктуу жазылат: **байы-+-уу=баюу** (*байуу* эмес), **тайы-+-уу=таюу** (*тайуу* эмес), **ая-+-оо=аёо** (*айоо* эмес), **боё-+-оо=боёо** (*бойоо* эмес), **ийи-+-үү=ийүү**.

Демек, аяккы муунунда *-й* кезиккен сөздөр «Сөздүктө» төмөнкүдөй берилет:

бай, байы	**тай, тайы**
байы-, байыйт, баюу	**тайы-, тайыйт, таюу**
бий, бийи	**тий-, тиет, тийүү**
сый[1] *зат а.*, **сыйы**	**чий**[1] *зат а.*, **чийи**
сый[2]**-, сыюу, сыят**	**чий**[2]**-, чиет, чийүү**

Ошентип, сөз мүчөлөрүнүн жазылышын бүтүндөй фонетикалык принципке, унгулардын жазылышы ага белгилүү өлчөмдө гана негизделет.

3. Орус тилинен же ал аркылуу башка тилдерден кабыл алынган көп сөздөр орус орфографиясына ылайык жазылат. Бул принцип ушул өзгөчөлүгүнө карап *тарыхый* принцип, болбосо *салт* (же ээрчип жазуу) принциби деп аталары жогоруда белгиленди. Буга төмөнкүлөр далил:

автоба́за	**автома́т**	**авторите́т**
автобиогра́фия	**автома́тика**	**авторо́ллер**
авто́бус	**автомаши́на**	**автотра́нспорт**
автовокза́л	**автомеха́ник**	**агглютина́ция**
автозаво́д	**автомоби́ль**	**агита́тор**
авто́л	**а́втор**	**агита́ция**

Кыргыз тилинин сүйлөшүү стилинде тыбыштык жактан өзгөрүүгө учураган, бирок жазуу практикасында орус тилиндеги варианты гана колдонулган сөздөр да бар. Мындай сөздөр «Сөздүктө» төмөндөгүдөй жайгаштырылды:

анке́та (*анкет* эмес)
брига́да (*бригат* эмес)
чемо́дан (*чабадан, чамадан* эмес)

а) Биринчи компоненти *авиа-, авто-, агро-, аэро-, библио-, био-, вело-, гео-, гидро-, микро-, кино-, мото-, нео-, радио-, теле-, термо-, фоно-* сыктуу элементтерден турган татаал сөздөр кыргыз тилинде да бирге жазылат: **авиаба́за, автозаво́д, автоинспе́кция, агроте́хника, аэровокза́л, биосфе́ра, велоспо́рт, геоботани́ка, гидробиоло́гия, зооте́хник, кинои́скусство, микробиоло́гия, микрорайо́н, неоколониали́зм, неолингви́стика, радиогра́мма, термодина́мика, термо́метр, фоногра́мма** ж. б.

б) Биринчи компоненти өз алдынча колдонулбаган татаал сөздөр, кийинки компоненти кыргызча которулуп алынса да, бирге жазылат:

авточарба	**гиперүн**	**мотоаткычтар**
башкаруу	**контрдаярдык**	**телекөрсөтүү**
био		

в) Экинчи компоненттери бирдей элементтерден турган төмөнкүдөй татаал сөздөр да кыргыз тилинде бирге жазылат: **паровоз. тепловоз, электровоз, вертолёт, самолёт, пароход, теплоход** ж. б.

г) Эгерде бул типтеги сөздөрдүн алгачкы компоненти кыргыз тилинде өз алдынча колдонууга жарамдуу болуп, кийинки компоненти кыргызча котрулуп алынса, же орус тилиндеги негиздер сакталганы менен, *о, е* тутумдаштыргыч үндүүсү жок, өз тилибиздин ички мүмкүнчүлүгүнө ылайык тутамдаштырылса, алардын компоненттери айрым-айрым жазылат:

газ алмашуу	**кино өнөр жайы**	**радио түйүнү**
газ генератору	**кино тартуу**	**радио толкундар**

д) Биринчи компоненти жалпы аталышты, кийинкиси ага кошумча маани берген татаал сөздөр (слова-приложения) орус тилиндегидей дефис аркылуу жазылат: **вагон-рестора́н, вагон-цисте́рна.**

е) Ушундай түзүлүштөгү, бирок кесипти, адистикти, кызмат ордун, наам өзгөчөлүгүн, илимий даражаны билгизген татаал сөздөр да компоненттердин арасына дефис коюлуу менен жазылат: **вице-губерна́тор, генерал-лейтена́нт, контр-адмира́л, премьер-мини́стр** ж. б.

ё) Өлчөм бирдиктеринин төмөнкүдөгүдөй татаал аттарынын компоненттеринин арасына дефис коюлат: **вольт-а́мпер, вольт-секу́нда, грамм-а́том, грамм-моле́кула, грамм-эквивале́нт** ж. б. Бул типтети сөздөрдүн компоненттеринин бири же баары кыргызчага которулуп алынганы менен, орус тилиндеги үлгүсү сакталса, алар да дефис аркылуу жазылат **альфа-бөлүкчөлөр, адам-күн, адам-саат, киловатт-саат.**

ж) Ушундай эле (дефис аркылуу) жазуу кандайдыр бир нерсени (түшүнүктүү) ар тараптан аныктап билгизген, жер шарынын түрдүү тараптарынын аралыгын туюндурган татаал сөздөргө карата да колдонулуп, мындай сөздөр негизинен орус тилиндеги үлгүсүнө окшошот: **автомобиль-трактор** (паркы), **административдик-аймактык, түндүк-батыш, түштүк-батыш, түштүк-чыгыш, түндүк-чыгыш.**

Тарыхый (салттуу) принцип кабыл алынган сөздөрдүн басымдуу көпчүлүгүнүн жазылышында чечүүчү роль ойногону менен, бир катар сөздөрдү жазууда анчалык мааниге ээ эмес. Анын төмөнкүдөй себептери бар:

а) Орус тилинен же ал аркылуу башка тилдерден кабыл алынган сөздөрдүн эне тилибизге кириш мезгили, оозеки же кат жүзүндө абыл алынышы, тыбыштык жактан өзгөрүү же өзгөрбөө бөтөнчөлүгү, алгачкы (орус тилиндеги) формасын сактоонун тажрыйбалык жактан жөндүүлүгү ж. б. бирдей эмес.

Маселен, Октябрь Революциясынан мурда же бул этаптан кийинки алгачкы жылдарда сөздөр негизинен оозеки түрдө өздөштүрүлүп, сан жагынан да анча арбын эмес. Алар кыргыз тилинин тыбыштык-артикуляциялык өзгөчөлүгүнө ылайыкташтырылып, тыбыштык жактан өзгөрүүгө учураган (**ашмүшкө, барданке, ирет, каамыт, кожоюн, чиркөө, ыстарчын** ж. б.) жана ушул калыбында элдик тилге бекем синип кеткен. «Сөздүктө» мындай сөздөр орфографиялык эрежелерге ылайык ушундай тыбыштык өзгөрүүгө дуушар болгон калыбынча берилди.

б) Кээ бир сөздөр ар түрдүү мезгилде оошуп, маанилик жана тыбыштык жактан бири-биринен белгилүү даражада айырмаланып, этимологиялык дублеттер пайда болгон. Маселен, завод, форма деген сөздөр алгачкы учурда зоот, борум түрүндө өздөштүрүлүп, эки мааниде колдонулган: зоот – 1) завод; 2) асыл тукум мал, борум – 1) форма, сырткы көрүнүш; 2) келбет. Кийин жогорудагы маанилердин алгачкыларын туюндуруу үчүн завод, форма сөздөрү

кабыл алынган. Ушундай өзгөрүштөр эске алынып, жогоруда белгиленгендей, сөздөрдүн мындай эки түрүнө тең жазууда жол берилет. Бирок алардын ар биринин кандай мааниде кодонула тургандыгын айкындоо үчүн «Сөздүктө» төмөнкүдөй кошумча чечмелөөчү эскертүү келтирилет:

борум (келбет)	**завод**
форма	**зоот (асыл тукум)**

Ошентип, мындай сөздөрдүн ар бир түгөйү маанилик өзгөчөлүктөрүнө жараша *тарыхый* (**форма, завод**) жана фонетикалык (**борум, зоот**) принциптердин негизинде жазылат.

в) Кыйла сөздөр кыргыз тилинин тыбыштык түзүлүшүнө ылайык өзгөрүүгө учураган түрүндө да, орус тилиндегидей түрү сакталып да колдонулууда. Бул типтеги сөздөрдүн тарыхый принципке да, фонетикалык принципке да ылайык эки түрдө жазылышына орфографиялык эрежелер жол берүүдө:

болко, бу́лка	**нөл, нуль**
керебет, крова́ть	**самоор, самова́р**

г) Орус тили улуттук тилдердин андан ары өркүндөп-өнүгүшүнө, сөздөрдүн эл аралык фондусунун түзүлүшүнө жана ал фондунун улам байып, интернационалдык сөздөрдүн кеңири таралышына, илимий-техникалык, коомдук-саясий ж. б. терминдердин байышына булак болууда. Мунун натыйжасында көп сандаган сөздөр орус тилинен же ал аркылуу башка тилдерден өзгөрүүсүз кабыл алынууда. Ошондуктан мындай сөздөрдүн орус орфографиясына ылайык жазылып, аларды туура жазуудагы негизги принцип катары салттуу принциптин эсептелиши да ушуну менен түшүндүрүлөт. Бирок орус тилинен өзгөрүүсүз кабыл алынган сөздөрдүн грамматикалык маанилери жана формалары кыргыз тилине деле ошол бойдон, өзгөрүүсүз өтө бербейт. Мисалы, орус тилинде көптүк санда гана колдонулуучу бир катар сөздөр кыргыз тилинде жекелик формада колдонулуп калган. Эреже ушул өзгөчөлүктөрдү эске алып, андай сөздөрдүн ошол өзгөрүлгөн түрдө жазылышына жол берет. «Сөздүк» да ушул ыкманы ээрчиди:

боти́нка (*ботинки* эмес)	**макаро́н** (*макароны* эмес)
кани́кул (*каникулы* эмес)	**су́тка** (*сутки* эмес)
консе́рва (*консерва* эмес)	**ша́хмат** (*шахматы* эмес)

Кай бир сөздөр көптүк формасында гана кабыл алынгандыктан, алар ошол түрдө жазылат: **фина́нсы, трусы́.**

д) Орус тилиндеги бир катар туунду сөздөр өз структурасын сактаган түрдө да, сөз жасоочу мүчөсү кыргыз тилиндеги эквиваленттеш мүчө менен алмашылган түрдө да кеңири колдонулуп жүрөт. Мындай сөздөрдүн ар бирине жазууда жол берилип, «Сөздүк» да аларды камтыйт:

автома́тчик	**комбайнёр**	**шахмати́ст**
автоматчы	**комбайнчы**	**шахматчы**

4. Кыргыз тилиндеги сөздөрдү туура жазууда дагы бир принцип – айырмалагыч (дифференциялоо) принциби да эске алынышы зарыл. Бул принципке төмөнкү учурлар туура келет:

а) Бир эле сөз жалпы жана энчилүү ат катары кодонулса, аларды айырмалап жазуу: **бакыт – Бакыт, бермет – Бермет, ажар – Ажар, ырыс – Ырыс** ж. б. Бирок «Сөздүктө» энчилүү аттар берилбейт.

б) Кээ бир сөздөр оозеки речте бирдей айтылса да, жазууда жана мааниси

жагынан айырмаланат: **кан – хан, сулу (эгин) – сулуу.** «Сөздүк» мындай сөздөрдү чагылдырды:

Жогоркудай принциптер иштелип чыкса да, орфографиялык эрежелер жандуу тилдеги бардык көрүнүштөрдү толугу менен камтый албайт. Басма сөз тажрыйбасында айрым эрежелер кандайдыр бир себептерге байланыштуу жетекчиликке алынбай да калат. Ошондуктан бул «Сөздүктө» эрежелер камтыбаган кээ бир кубулуштар басма сөз тажрыйбасында салтка айланган формаларында киргизилди. Адабий тилдин орфографиялык нормалары бир калыпка келип, ар кандай баш аламандыктардан кутулуу акырындык менен гана ишке аша алат. Бул үчүн адабий тилдин лексикасын мүмкүн катары толугураак камтыган орфографиялык сөздүктүн мезгил-мезгили менен басмадан чыгарылып турушу жана күндөлүк жазуу ишинде анын жетекчиликке алынышы негизги практикалык чаралардын бири болуп эсептелет.

«Сөздүккө» адабий тилдин ар түрдүү стилдери үчүн жалпы, орток болгон – бейтарап (нейтралдык) сөздөрдү (**адам, үй, мал, жакшы, жаман, кара, кара-, көк, жашыл, бир, эки, үч, мен, ал, ал-, сен, бул, кел-, кет-, үч-, бас-, тур-, жана, менен** ж. б.) мүмкүн болушунча толук камтуу аракети жасалды. Бирок «Сөздүк» жогоркудай сөздөр менен эле чектелүүгө тийиш эмес, анткени адабий тил жалан эле функциялык-стилистикалык жактан бейтарап сөздөрдөн турбайт. Кыйла өнүккөн адабий тилде андай сөздөр менен бирге ар түрдүү функциялык стилдерге тиешелүү болгон сөздөр да, эмоциялык-экспрессиялык сапаттары жагынан өз ара айырмаланган тилдик каражаттар да болот. Ошондуктан «Сөздүк» өз милдетин толугураак өтөө максатында адабий тилдин стилдеринин лексикалык «жүзүн» аныктаган, стилдик жактан чектелген каражаттарга да, эмоциялык-экспрессиялык сөздөргө да көңүл буруугa аракеттенет.

Мезгилдүү басма сөздөрдө, нагыз илимий, илимий-популярдык, илимий-техникалык адабияттарда, окуу китептери менен окуу куралдарында колдонулган терминдер (**публици́стика, гипе́рбола, гиперболо́ид, филоло́гия, эпи́тет, филосо́фия, предика́т, симме́трия, ка́тет, ассимиля́ция, ка́тод**), официалдуу документтерге, иш кагаздарына мүнөздүү сөздөр да (**инстру́кция, декре́т, уста́в, токтом, арыз, мүнөздөмө**) берилет. Бирок булар функционалдык стилдердин кайсынысына тиешелүү экендиги атайын белгилер аркылуу корсөтүлбөйт. Анткени терминдердин кыйласы азыркы мезгилде адабий тилдерде профессионализмдердин чегинен чыгып, жалпы лексиканын энчисине өтүп бара жаткандыгы байкалат.

Сонку мезгилдерде эне тилибиздин ички мүмкүнчүлүктөрү кеңири пайдаланууу салтка айлана баштагандыктан, термин катары пайда болгон жаңы сөздөр да (**ялдама – остановка, баттама – вклейка, жолдомо – путёвка, тааным – познание, ойлом – мышление** ж. б.) «Сөздүктө» чагылдырылат. Бирок булардын зарыл болгон бул же тигил түшүнүктү канчалык даражада так, туура туюндура тургандыгы, термин катары мындан ары жашап калуу мүмкүнчүлүктөрү аныкталбайт, себеби мындай милдет орфографиялык сөздүккө жүктолбөйт.

«Сөздүктө» элдик оозеки чыгармаларда, көркөм адабияттарда кезиккен архаизм, историзмдер да белгилүү өлчөмдө чагылдырылып, алардан кийин *эск.* (эскирген сөз) же *фольк.* деген белги коюлат: **алгоо** (жардам) *эск.*, **асаба** (туу *фольк.*).

Стилдик сапаттары боюнча айырмаланбаган, орфографиялык эрежелер боюнча жазууда бирдей эле колдонула берүүгө жол берилген түгөйлүү сөздөр

бири-бирине шилтенбей, ички алфавит тартибине ылайык бир сапта катар жайгаштырылат:

көөр, көөхар	**мычкы-, мыкчы-**
көөхар, көөр	**олтур-, отур-**
мыкчы-, мычкы-	**отур-, олтур-**

Стилдик сапаттары жагынан өз ара айырмаланган варианттардын нейтралдык сапаттагысы эч белги коюлбастан, сүйлөшүү стилине тиешелүүсү *сүйл.* деген белги менен өз-өзү орундарында берилет. Сүйлөшүү стилине тиешелүү варианттан кийин кашаанын ичинде туура варианты көрсөтүлүп, андан соң *сүйл.* деген белги коюлат. Муну менен алардын өз ара карым-катнашы ачылат:

вазир
обозгер (вазир) *сүйл.*

Орфографиялык эрежелер жазууда жол бербеген сөз түгөйүнө «Сөздүктө» өзүнчө алфавиттик орун берилбейт, ал орфографиялык жактан туура деп эсептелген варианттан кийин кашаанын ичинде көрсөтүлүп, «эмес» деген сөз менен коштолот:

назар *(азар* эмес)	**маки** *(баки* эмес)
нар *(ар* эмес)	**парыз** *(барыз* эмес)
нуска *(уска* эмес)	**уруксат** *(улуксат* эмес)

Орус тилинен же ал аркылуу башка тилдерден кабыл алынган (эки же андан көп муундан турган) сөздөрдүн басымы атайын басым белгиси аркылуу көрсөтүлдү:

абза́ц	**абрико́с**	**ава́нс**
абитурие́нт	**абстракциони́зм**	**авантюри́зм**
абонеме́нт	**аванга́рд**	**а́вгуст**

Ушул типтеги сөздөрдө *ё* тамгасы, биринчиден, айтылышты, экинчиден, басымдын ошол муунга түшүшүн билгизгендиктен, *ё* тамгасынын үстүнө басым белгиси коюлбайт:

амёба, боксёр

Орус тилинен же ал аркылуу башка тилдерден кабыл алынган сөздөргө кыргыз тилиндеги сөз жасоочу мүчө уланып, туунду сөздөр жасалса, аларга (эне тилдеги сөздөрдөй эле) басым белгиси коюлбайт:

бригадалык	**лабораториялуу**
дипломдуу	**лабораториялык**

«Сөздүктө» сөздөрдүн лексикалык мааниси (көп маанилүү болсо, алардын ар бири) сыпатталып түшүндүрүлбөйт. Бирок айтылышы жана жазылышы бирдей болгон ар башка сөздөрдү – *омонимдерди* – айырмалоо максатында алардын ар бири цифра аркылуу ажыратылып берилет:

а) Омонимдик катардагы сөздөр бирдей сөз түркүмүнө тиешелүү болсо, алардын кайсы түркүмү экендиги атайын белги аркылуу көрсөтүлбөйт. Ал сөздөрдүн ар башка экендигин андап билүүгө көмөктөш болгон сөз же эки-үч сөздөн ашпаган сөздөрдүн өз ара тизмеги гана кашаанын ичинде омонимдерден кийин берилет:

байы-[1] (бай бол-)	**ийин**[1] (дене мүчөсү)
байы-[2] (мис. үй)	**ийин**[2] (мис. суурдун)

б) Омонимдик катардагы сөздөр ар башка сөз түркүмдөрүнө кирсе, алардын кайсы сөз түркүмү экендиги омонимден кийин (шарттуу, кыскартылган курсив менен көрсөтүлөт; буйрук этиштерден кийин (мурда айтылып кеткендей) дефис (-) коюу менен алар башка сөз түркүмдөрүнөн айырмаланат. Бул учурда ар бир омонимдин ар башка сөз экендигине жардам берүүчү сөз же сөз тизмеги берилбестен, грамматикалык (мисалы, *зат а., сан а., сын а., сырд.*, сыяктуу) белгилер коюлат;

адам[1] *зат а.*	**ата**[3] *сырд.*
адам[2] *сырд.*	**калың**[2] *зат а.*
ата[1] *зат а.*	**калың**[2] *сын а.*
ата[2]-	

в) Омонимдик катардагы сөздөрдүн бир нечеси бирдей сөз түркүмүнө тиешелүү болуп, калганы (калгандары) алардан айырмаланышы да мүмкүн. Мындай учурларда омонимдерден кийин кашаанын ичинде маанилик өзгөчөлүктөрүн андап билүүгө көмөктөш болгон сөз же сөз тизмектери, зарыл болгон учурда сөздүн кайсы сөз түркүмүнө тиешелүү экендиги чагылдырылат:

ат[1] (жылкы)	**жаш**[1] (көздүн жашы)	**кара**[1] (бодо мал)
ат[2] (ысым)	**жаш**[2] (өмүр ченеми)	**кара**[2] (тирек)
ат[3]- (мылтыкты)	**жаш**[3] *сын а.*	**кара**[3] *сын а.*
ат[4]-: уктап атат		**кара**[4]-

г) Өзүнчө колдонулбай, татаал сөздүн тутумунда келүүчү компонент башка сөз менен омонимдик катарды түзсө, андан кийин кош чекит (:) коюлуп, татаал сөз толук келтирилет:

алгы[1] (өсүмдүк)	**атта**[1]- (арыштa-)
алгы[2]: алгы-берги	**атта**[2]-: аттап-тондоп

Айтылышы боюнча айырмаланган, бирок жазылышы бирдей сөздөр – *омографтар* – цифра аркылуу ажыратылбайт. Мындай сөздөрдүн башка-башка сөз экендиги кашаанын ичинде маанисин түшүнүүгө көмөктөш болгон сөздү келтирүү же кайсы тармакта колдонулушун (шарттуу кыскарган) курсив менен белгилеп, омографтарды алфавит тартибинде – мис. *к* тамгасынын жоон, ичке тыбышты белгилөө үчүн колдонулушуна ж. б. карата жайгаштыруу аркылуу аныкталат. Омографтар басымдын түшүшү жагынан айырмаланса, ал өзгөчөлүктөр атайын чагылдырылат. Айрым учурларда белгилүү бир сөздө омонимдик жана омографтык касиет болушу ыктымал. Бул учурда ал сөз, жогоруда белгиленгендей, алфавит тартибинде жайгаштырылып, андан кийин (же мурда) омонимдер берилет:

атлас (мис. геог.)	**бак** (идиш)	**сок** (шире)
атлас (жибек кездеме)	**бак**[1] (бакыт)	**сок-** (ур-)
	бак[2] (дарак)	**ток** (электр тогу)
	бак[3]-	**ток** *сын а.*

Бирдей айтылган, бирок айырмаланып жазылган сөздөр – *омофондор* – да өз ара цифра аркылуу ажыратылбайт. Булар кандай жазыла тургандыгы көрсөтүлүп, колдонулуш тармагындагы өзгөчөлүктөрү курсив менен белгиленет же кашаанын ичинде маанисин чечмелөөчү сөз же сөз тизмеги келтирилет:

кампа́ния (иш чаралары)	**хлорид** *хим.*
компа́ния (адамдар тобу)	**хлорит** *мин.*

«Сөздүктө» бардык эле сөздөрдүн кайсы сөз түркүмүнө тиешелүү экендиги көрсөтүлө бербейт. Алар, жогоруда айтылгандай, омонимдерге же кээ бир сөздөргө карата өзгөчө учурларда гана колдонулат.

Бирок сөз формаларын чагылдырууда «Сөздүк» алардын кайсы сөз түркүмүнө тиешелүү экендигине таянат. Форма жактан өзгөрүү же өзгөрбөө бөтөнчөлүктөрүнө, эгерде грамматикалык бир нече формаларда өзгөрүлсө, негиздин тыбыштык составын толук сактоо же өзгөрүүгө учуроо мүмкүнчүлүктөрүнө да көңүл бурулат. Мисалы:

а) Бир гана формада колдонулуучу сөздөр ошол формасында чагылдырылат:

бах	демек
абдан	жана
бали	же-
гана	тура: келет тура

б) Сөз өзгөртүүчү мүчөлөр менен өзгөрүлүп, бир нече формага ээ болуучу сөздөр бардык учурларда негиздин тыбыштык составын өзгөрүүсүз сактаса, анда жөндөлүүчү туунду жана тубаса сөздөр атооч жөндөмөсүндө (сөз өзгөртүүчү мүчөлөр уланбаган түрдө) көрсөтүлөт:

ата	босого	депо
бала	дары	жумуш
байланыш	демилге	жумушчу

в) Этиш сөздөр негиз (сөз өзгөртүүчү мүчө уланбаган) түрүндө жана мамиле категориясынын, кыймыл атоочтун мүчөлөрү уланган формаларда берилет:

аарчуу	аарчынт-	автоматизациялоо
аарчы-	аарчынтуу	автоматташтыр-
аарчыл-	аарчыт-	азтоматташтыруу
-аарчылуу	аарчытуу	автоматташтырыл-
аарчын-	автоматизацияла-	автоматташтырылуу
аарчынуу		

Орфографиялык сөздүктөрдүн дээрлик бардыгында сөздөр баштапкы (б. а. тубаса) жана сөз жасоочу мүчөлөр жалганган туунду формаларда алфавиттик өз орундарында берилет. «Сөздүк» бул салтты сактайт. Бирок анын бул басылышында ушулар менен эле чектелип калуу мүмкүн болбоду. Мунун төмөнкүдөй себептери бар.

Сөздөр өз ара пикир алышууда баштапкы формаларда (унгу, негиз түрүндө) гана эмес, сөз өзгөртүүчү жана форма жасоочу мүчөлөр уланган түрүндө да колдонушунун натыйжасында сөздөрдүн туура жазылышын кыйындата турган бир катар кырдаалдар келип чыгат: сөздөрдүн жазылышы менен айтылышындагы айырмачылыктар көбөйөт, унгуларды (негиздерди) кайсы принципке ылайыктап жазуу туура боло тургандыгын аныктоо оордойт, бирдей эле үнсүздөрдүн унгунун (негиздин) аягында жана мүчөнүн башында жанаша келүү мүмкүнчүлүгү арбыйт ж. б. Дал ушундай шартта катанын көп кете тургандыгы жазуу тажрыйбасынан кенири байкалып келе жатат. Ошондуктан «Сөздүк» баштапкы формалардын гана эмес, кээ бир туунду формалардын да жазылышын чагылдыруу максатын көздөйт. Бул үчүн баштапкы формадан кийин сөз өзгөртүүчү, форма жасоочу кээ бир мүчөлөр уланган айрым туунду формалар да берилет:

1) Үнсүздөрдүн кандай учурда катар келишин жана айтылышы менен жазылышындагы өзгөчөлүктөрдү байкатуу максатында негиз сөздөрдөн кийин үтүр (,) коюлуп, (бөлөк шрифт менен) төмөнкүдөй фактылар көрсөтүлөт:

а) аягы *б* менен бүткөн сөздөрдөн кийин аларга суроо маанисин билгизген *-бы*, III жактын таандык *-ы* жана барыш *(-га)*, табыш *(-ны)* жөндөмөлөрүнүн мүчөлөрүнүн уланышы:

герб *(герп* эмес), герби, гербби, гербге, гербди
клуб *(клуп* эмес), клубу, клуббу, клубга, клубду

б) аягы *г* менен бүткөн сөздөрдөн кийин аларга барыш *(-га)* менен табыш жөндөмөнүн *(-ны)* мүчөлөрүнүн жалганышы:

педаго́г *(педагок* эмес), педагогго, педагогду
фило́лог *(филолок* эмес), филологго, филологду

в) аягы *д* менен бүткөн сөздөрдөн кийин аларга барыш, жатыш, табыш жөндөмөлөрүнүн жана III жактын таандык мүчөнүн – уланышы:

завод *(завот* эмес), заводго, заводдо, заводду, заводу
парад *(парат* эмес), парадга, парадда, парадды, парады

г) аягы *т* менен бүткөн атоочтордон кийин аларга жатыш, табыш жөндөмөлөрүнүн жана III жактын таандык мүчөсүнүн, этиш сөздөрдөн соң аларга берки өткөн чактын *-ды* мүчөсүнүн жалганышы:

кат[1] *зат а.*, каты, катта, катты
кат[2]-, катты
жет-, жетти
текст, тексти, тексте, текстти

д) аягы *с* менен бүткөн этиштерден кийин аларга шарттуу ынгайдын *-са* жана чакчылдын *-а* мүчөлөрүнүн уланышы (чакчыл этиштен кийин кашаанын ичинде комекчү этиш көрсөтүлөт):

ас-, аса (сал-), асса — кес-, кесе (сал-), кесе
бас-, баса (бер-), басса — кыс-, кыса (кой-), кысса

2) Үнсүздөр катар келип, унгунун (негиздин) аягындагы үнсүздүн бирде каткалап, бирде жумшак болушун көрсөтүү максатында төмөнкү учурлар белгиленет:

а) аягы *к* менен бүткөн атоочтордон кийин аларга (мүмкүнү болгон учурда) III жактын таандык, ошондой эле барыш жөндөмөнүн мүчөлөрүнүн, этиш сөздөрдөн соң аларга жалпы өткөн чак *(-ган)* менен учур-келер чактын мүчөлөрүнүн уланышы:

ак[1] *сын а.*, агы, акка — көк, көгү, көккө
ак[2]-, агат, аккан — кырк[1] *сан а.*, кыркы, кыркка
бак[1] *зат а.*, багы, бакка — кырк[2]-, кыркат, кырккан
бак[2]-, багат, баккан

б) аягы *п* менен бүткөн зат атоочтон кийин ага III жактын таандык жана суроо маанисиндеги *-бы* мүчөлөрүнүн, этиштен кийин учур-келер чактын жана тангыч *-ба* мүчөлөрүнүн жалганышы:

кап[1] *зат а.*, кабы, каппы — талап, талабы, талаппы
кап[2]-, кабат, каппа- — чап-, чабат, чаппа-

3) Аягы *ч* менен бүткөн сөздөрдөн кийин *т* же *ч* менен башталган мүчөлөр келгенде, ортодогу эки үнсүздүн *(шт* же *шч* болуп айтылганындай эмес) *чт* же бир эле тамганын катар келиши *(чч)* аркылуу бериле тургандыгын билгизүү максатында, атоочтордон кийин илик же табыш жөндөмөнүн этиштен соң берки өткөн чак менен өтүнүү маанисиндеги *-чы* мүчөлөрүнүн уланышы берилет:

ач[1] *сын а.*, ачтын	**коч**[1] *зат а.*, кочтун
ач[2]-, ачты, аччы-	**коч**[2]-, кочту, кеччү-
ачкыч, ачкычты	**күрүч, күрүчтү**
жегич, жегичти	**кенч, кенчти**

4) Аягы *з* менен бүткөн этиштерден кийин *с, ч* менен башталган мүчөлөр келгенде, ортодогу эки үнсүздүн *(сс* же *сч)* болуп айтылганындай эмес, *зс, зч* болуп жазылышын белгилөө максатында шарттуу ыңгайдын *-са* жана өтүүлүү маанисиндеги *-чы* мүчөлөрүнүн жалганышы берилет:

без-, безсе, безчи-	**сез-, сезсе, сезчи-**
жаз-, жазса, жазчы-	**тиз-, тизсе, тизчи-**

5) Айтылышында *ң, м* болсо да жазылышында буларга жол берилбей, *н* жазылчу учурларды байкатуу максатында *н* менен аяктаган зат атооч сөздөрдөн кийин төмөнкү мүчөлөр жалганып көрсөтүлөт: а) этиш сөздөрдөн кийин терс форманы билдирүүчү *-ба* жана жалпы өткөн чактын *-ган* мүчөлөрү уланган формалары, б) атоочтордон кийин барыш жөндөмөнүн *-га*, мүчөсү уланган түрү:

агайын, агайынга	**агын, агынга**
адалсын-, адалсынба-, адалсынган	**адаттан-, адаттанба-, адаттангая**
алакан, алаканга	**эгин, эгинге**

6) Аягы *й* менен бүткөн атоочтордон сон III жактын таандык мүчөсүнүн, этиштерден кийин учур-келер чактын III жактагы мүчөсүнүн уланышы көрсөтүлөт. Мында унгунун (негиздин) аягындагы тыбышынын бирде өзүнөн кийинки тыбыш менен биригип, бир тамга болуп, бирде аны менен бириктирбей, өзүнчө тамга аркылуу *(й)* жазыларынан кабар берилет:

кий-, киет	**сүй-, сүйөт**
кой[2]**-, коёт**	**түй-, түйөт**

7) Карын, эрин, мурун, коюн, дайын, айыл сыяктуу сөздөрдөн кийин аларга III жактын таандык мүчөсү уланып турган формасы көрсөтүлөт. Бул учурда унгу сөздүн акыркы муунундагы кууш үндүүнүн түшүп, кээде түшпөй да жазыла беришинен маалымат берилет:

айыл, айлы, айылы	**кайын, кайны, кайыны**	**мурун, мурду**
дайын, дайны, дайыны	**карын, карды**	**эрин, эрди**

8) Мен, сен, ал, бул сыяктуу ат атоочтордон кийин аларга барыш, табыш жөндөмөнүн мүчөлөрү жалганып турган формалары чагылдырылып, унгу сөздүн тыбыштык түзүлүшү бирде толук сакталса, бирде өзгөрүүгө учурарынан кабар берилет:

ал, ага *(аа* эмес), **аны**	**мен, мага** *(маа* эмес), **мени**
бул, буга, муну	**сен, сага** *(саа* эмес), **сени**

Жактама ат атоочтордун жекелик жана көптүк сандагы формалары, калган ат атоочтордун сөз өзгөртүүчү, форма жасоочу мүчөлөр уланбаган формалары алфавиттик орундарында жайгаштырылат (**мен, биз, сен, сиз, сиздер, силер; ким, эмне; канча, качан**). Мүчө жалганбай, өзүнчө турганда аягы *л* тыбышы менен бүткөн шилтеме ат атоочтордун бул тыбышты сактоо же түшүрүп салуу даражалары бирдей эмес. «Сөздүктө» ушул өзгөчөлүктөр эске алынып, **ал, тетиги, тиги** ат атоочторунун ушул калыбында, **бу-бул, ошо-ошол, ушу-ушул** ат атоочторунун эки варианта тең жазылышына жол берилет.

бу, бул, буга, муну
бул, бу, буга, муну

9) Ичкертүү белгиси (ь) менен аяктаган сөздөрдөн кийин аларга табыш жөндөмөнүн мүчөсү уланган формасы келтирилип, мүчө уланганда сөз аягындагы бул белгинин түшүп калышы эскертилет:

автомоби́ль, автомобилди
автомагистра́ль, автомагистралды

10) Аягы катар үнсүз *(нд, кт, нг, нк, нс* ж. б.) менен бүткөн сөздөрдөн кийин аларга барыш, табыш жөндөмөлөрүнүн мүчөлөрү уланган түрлөрү келтирилип, мүчө жалганганда унгу менен мүчөнүн ортосунда үндүүнүн келүү же келбөө өзгөчөлүктөрү байкатылат:

аванс, аванска, авансты	**фонд, фондго, фондду**
акт, актыга, актыны	**цинк, цинкке, цинкти**
факт, фактыга, фактыны	**шланг, шлангга, шлангды**

11) Аягы *п* менен бүткөн бир муундуу этиштерден кийин аларга чакчыл *-ып* мүчөсү уланган формасы берилип, унгудагы кыска үндүүнүн созулмага айланышы жана мүчөдөгү үндүүнүн түшүп кала тургандыгы жана мындай этиштерге тангыч *(-ба-)* мүчө уланганда *п* тамгасынын катар келиши белгиленет:

жап-, жаап, жаппа-	**тап-, таап, таппа-**
көп-, көөп, көппө-	**теп-, тээп, теппе-**
өп-, өөп, өппө-	**эм-, ээмп, эмбе-**

12) Кыймыл атоочтун *-оо, -уу* мүчөлөрү менен кесипти билгизүүчү *-чы* мүчөсүнүн жалганышы аркылуу жасалуучу атоочтуктар (айтуучу, жөнөөчү, келүүчү) жана этиштин адат өткөн чагынын формалары (айтчу, жөнөчү, келчү) бир эле сөздүн варианттары катары кээде туура эмес колдонулуп жүргөндүгү эске алынып, алар төмөнкүдөй ажыратылып көрсөтүлөт:

айтуучу *а.*	**жөнөчү**[1] *в. ч.*	**келүүчү** *а.*
айтчу *в. ч.*	**жөнөчү**[2]**-**	**келчү** *в. ч.*
жөнөөчү *а.*		

«Сөздүктө» тубаса, туунду жана кенири колдонулган татаал сын атоочторго, сапаттык сындын жай, салыштырма (**көгүрөөк, кызылыраак, агыш, киргил, көгүлжүн, көгүлтүр, саргыч, саргылт, кызгылтым**), бир сөздүн чегинде туюндурулган күчөтмө (**апаппак, аппак, бопбоз, жапжашыл**) даражаларына өз-өзүнчө орун берилет. Бирок сөздөрдүн кайталанышы (**күлүктүн күлүгү**) же күчөтүү маанисинде сөздөрдүн айкаша келиши менен (**абдан чоң, алабай жоош, өтө көркөм**) туюндурган күчөтмө даражасына орун берилбейт.

Бирдик, ондук *сандарды* билгизген сөздөр жана жүз, мин, миллион, миллиард деген сан атоочтор, ошондой эле булардан пайда болгон иреттик (сегизге чейинки), жамдама сандар алфавит тартибинде келтирилет:

алтоо	**алтымышынчы**	**эки**
алты	**беш**	**экинчи**
алтынчы	**бешинчи**	**экөө**
алтымыш	**бешөө**	

Тактоочтор да «Сөздүктө» чагылдырылат:

ары	**анча-мынча**	**бетме-бет**
акчалай	**бат**	**күндөп-түндөп**
акчалата	**бат-бат**	

Тактоочтордун пайда болушу, бир жагынан, сөздөрдүн лексикалык маанилеринин, экинчи жагынан, грамматикалык табиятынын өзгөрүүгө учурап, жаңы (башка) сапатка ээ болушу менен ажырагыс байланыштуу экендиги белгилүү. Ошол себептен алардын бир кыйласы алгачкы (тактоочко айланганга чейинки) формаларында калыптанып калган. Натыйжада тактоочтордун тутумуман айрым жөндөмө мүчөлөр да орун алган. «Сөздүк» ушу закон ченемдүүлүккө таянып, мейкиндик жөндөмөлөрүнүн формасында калыптанып калган тактоочторду өздөрүнчө реестр сөз катары көрсөтөт:

абалтан	**арытан**	**жогортон**
алга	**беритеден**	**зорго**
алдыда	**беритен**	**илгери**
арытадан	**жакындан**	**илгертен**

Табыш тууранды жана *элестүү* сөздөрдүн жазылышы алар аркылуу туюндурулган маанилердин өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу чечилет. Маселен, аягы *р* тыбышы менен бүткөн тууранды сөздөр дабыштын кайталанмалуулугун, созулунку мүнөздө экендигин билгизет (**данғыр, дүңгүр, шаңгыр, шыңгыр**). Эгерде мындай сөздөргө *т, п* тыбыштары кошулуп айтылса, тескерисинче, дабыштын кыскалыгы, бир эле акт менен бүтө тургандыгы туюндурулат. Ошондуктан кошумча маанилери жана тыбыштык составдары боюнча айырмаланган мындай формаларды «Сөздүк» өздөрүнө тиешелүү орундарга жайгаштыруу аркылуу чагылдырат:

зыр	**чарт**	**шыр**
зырп	**шар**	**шырт**
чар	**шарт**	

Тууранды сөздөрдүн бардыгын «Сөздүктө» чагылдыруу мүмкүн эмес – карым-катышта көбүрөөк кезигүүчү темөндөгүдөй формаларына гана орун берилди:

данк	**зың**	**чып**
дүң	**зырп**	**шанк**
дың	**чанк**	**шап**
заңк	**чыйк**	**шып**

Табыш тууранды жана элестүү сөздөрдүн көпчүлүгү кош сөз түрүндө колдонулат. Мындай түзүлүштөгүлөр биринчи компоненттен кийин кош чекит (:) коюлуу менен көрсөтүлүп, компоненттердин арасы дефис (-) менен ажыратылат:

калдыр: калдыр-кулдур, калдыр-шалдыр
кажы: кажы-кужу
күрс: күрс-күрс, күрс-тарс
опур: опур-топур
тарс: тарс-тарс, тарс-турс

«Сөздүктө» **дардак, дардан; делдек, дерден; калдак, калдан, калжан** сыяктуу элестүү сөздөр алфавиттик тартипте өз ордун ээлейт.

Эскертүү: Аягы *к* менен бүткөн элестүү сөздөр затташмайынча сөз өзгөртүүчү мүчөлөр менен өзгөрбөгөндүктөн, бул тыбыштын өзгөрүүчү варианты көрсөтүлбөйт.

«Сөздүктө» *сырдык* сөздөр менен *кызматчы* (жандооч, байламта, болүкчө) сөздөргө да орун берилип, алардын элкин турганда мааниси так байкалбагандары кошумча түшүндүрмөлөр менен коштолот:

а[1] *байл.*	**и**[1] *бол.*
а[2], **аа** *сырд.*	**и**[2] *сырд.*
а[3] *бол.*	**го** *бол.*

«Сөздүктө» кенири кездешүүчү *татаал сөздөрдүн* жазылышы камтылып, алар биринчи компоненттеринин уясында келтирилип, реестр сөздөн кийин кадимки шрифт менен терилип берилет:

а) Кошмок сөздөр:

алп	**жылкы**	**кир**
алп кара куш	**жылкы чарбасы**	**кир самын**
бет	**кара**	**он**
бет мандай	**кара тору**	**он эки**

б) Кош сөздөр:

ага	**ата**	**бала**	**өйдө**	**чаң**	**чоң**
ага-ини	ата-эне	бала-чака	өйдө-төмөн	чаң-тополоң	чоң-кичине

Кош сөздөрдүн ар бир компонентинин лексикалык толук маанини билгизүү даражасы бирдей эмес. Алардын мындай бөтөнчөлүктөрү «Сөздүктө» кандайча жайгаштырылышына да таасирин тийгизет. Өз алдынча толук маани билгизген компонент жөнөкөй сөз катары өзүнчө да, татаал сөздүн бир компоненти катары кош сөздүн тутумунда да көрсөтүлөт:

аман	**келин**	**кыз**
аман-эсен	**келин-кесек**	**кыз-кыркын**
эсен		

Өзүнчө толук маанини билгизе албаган компоненттерге өзүнчө алфавиттик орун берилбейт. Ал кош сөз түрүндөгү абалына ылайык гана чагылдырылат – алгачкы компоненттен кийин кош чекит коюлуп, андан соң кош сөздүн тутумунда көрсөтүлөт:

акыр: акыр-чикир	**өңгүл: өңгүл-дөңгүл**
апан: апан-тапан	**уңкур: уңкур чуңкур**

Кээ бир кош сөздөр сөз өзгөртүүчү мүчө жалганган түрүндө гана колдонулгандыктан, алар ошондой формаларында гана келтирилет;

эт
эт-бети менен
эт-бетинен

Татаал сөздөрдүн компоненттеринин орун тартиби адетте туруктуу. Бирок кээ бирлеринин орду алмашылып да келип калат. Буларды «Сөздүк» чагылдырат:

ата	**эне**	**жерге**	**жээк**
ата-эне	эне-ата	жерге-жээк	жээк-жерге

в) *Бириккен сөздөр* (тарыхый татаал сөздөр болгону менен) эрежеге ылайык бирге жазылган түрүндө берилет:

басмайыл	**каяк**	**унчук-**
бүгүн	**желаргы**	**улутун-**

Орфографиялык сөздүк сөз айкаштарынын сөздүгү эмес, ошол себептен эркин сөз айкаштары мүмкүн болушунча камтылбайт. Мурунку (1966-жылкы) басылышында өзүнчө реестр менен берилип кеткен эркин сөз айкаштары алынып ташталды.

Абак Биялиев

ШАРТТУУ КЫСКАРТУУЛАР

а. – атоочтук
а. а. – ат атооч
а. ч. – айыл чарбасы
ад. – адабият
анат. – анатомия
анч. – анчылык
ар. – араб
арх. – архаизм
археол. – археология
архит. – архитектура
аск. – аскердик термин
астр. – астрономия
биол. – биология
бот. – ботаника
бөл. – бөлүкчө
вет. – ветеринария
вульг. – вульгаризм (орой)
геог. – география
геод. – геодезия
геол. – геология
диал. – диалектизм
дин. – диний сөз
дун. – дунган
ж. б. – жана башка
жанд. – жандооч
жөн. – жөнүндө
зат а. – зат атооч
зоол. – зоология
интерн. – интернет
ир. – иран
иск. – искусство
к. – караңыз
к. а. – кыймыл атооч
кен. б. – кен байлыктары
кош. м. – кош мамиле
комп. – компьютердик техника
культ. – культурология
кырг.-монг. – кыргыз-монгол
кыт. – кытай
лингв. – лингвистика (тил илими)
мат. – математика
мед. – медицина
мис. – мисалы
миф. – мифология
мод. – модалдык сөз
монг. – монгол
муз. – музыка
опт. – оптика
өн. ж. – өнөр жай
өч. – өткөн чак
пед. – педагогика
полигр. – полиграфия
псих. – психология
радио – радиотехника
сан а. – сан атооч
саясат – саясат таануу
спорт – спорт
сүйл. – сүйлөө түрү
сүрөт – сүрөт искусствосу
сын а. – сын атооч
сырд. – сырдык сөз
такт. – тактооч
тар. – тарых
тат. сөзд. б. б. – татаал сөздүн биринчи болүгү
тат. сөзд. с. б. – татаал сөздүн сонку болүгү
тех. – техника
туур. – тууранды сөз
ук. – укук
фарм. – фармакология
фау. – фауна
физ. – физика
филос. – философия
фло. – флора
фольк. – фольклор
фото. – фотография
хим. – химия
шах. – шахмат
экол. – экология
экон. – экономика
электр – электр тармагы
эт. – этика
этн. – этнография
эск. – эскирген сөз

КЫРГЫЗ АЛФАВИТИ

Тамгалардын жазылышы	Тамгалардын аттары	Тамгалардын жазылышы	Тамгалардын аттары
А а	а	П п	пэ
Б б	бэ	Р р	эр
В в	вэ	С с	эс
Г г	гэ	Т т	тэ
Д д	дэ	У у	у
Е е	йе	Ү ү	ү
Ё ё	йо	Ф ф	эф
Ж ж	жэ	Х х	ха
З з	зэ	Ц ц	цэ
И и	и	Ч ч	чэ
Й й	ий	Ш ш	ша
К к	ка	Щ щ	ща
		Ъ	ажыратуу белгиси
Л л	эл		
М м	эм	Ы ы	ы
Н н	эн	Ь	ичкертүү белгиси
Ң ң	ың	Э э	э
О о	о	Ю ю	йу
Ө ө	ө	Я я	йа

А

а[1] (ал) *сүйл., а. а.*
а (ал) да
а[2]: а-бу дешүү
а дегенде (*адегенде* эмес)
а деп *такт.* (*аден* эмес)
а түгүл
а[3] *байл.*
а[4], аа *сырд.*
а[5] *бөл.*
а дегиле
аа (уят, бет)
аай
аалам
аламдан ашкан
аламды бузуу
аламдын модели
аламдын тең салмактуулугу
аламдык
аалым (*аалим* эмес) *эск.*
аамият (*аамият* эмес)
аамыятсыз
аарчуу (*арчуу* эмес)
аарчы[1] (*аачы, арчы* эмес): бет аарчы, жүз аарчы
аарчы[2]- (*тазала-*; *арчы-* эмес)
аарчыл-
аарчылуу
аарчын-, аарчынба-, аарчынган
аарчынуу
аарчынт-, аарчынтты
аарчынтуу
аарчыт-, аарчытты
аарчытуу
аарчыш[1] *к. а.*
аарчыш[2]- *кош м.*
аарчышуу
аары (*айры* эмес)
аары желими (прополис)
аары мому
аары уусу
аары чарбачылыгы
аарынын уюгуна тийүү
аарынын уюгундай
аарыкана
аарычылык, аарычылыкка
аб: аб бали!
аба[1] (ага)
аба[2] (атмосфера)
аба агымы
аба басымы
аба ваннасы
аба десанты
аба жолу
аба жылытkыч
аба массалары
аба муздаткыч
аба нымдуулугу
аба согушу
аба транспорту
аба укугу
аба чабуулунан коргонуу
аба ырайы
абанын нымдуулугу
абагай, абыгай *фольк. ата*
абад (элдүү жай)
абажаары- (*абажары-* эмес)
абажаарыт-, абажаарытты
абажаарытуу
абажаарыш
абажур
абажурдуу, абажурлуу
абаз, аваз (укkулуктуу)
абай[1] (этияттык)
абай бол-
абай кыл-
абай[2], **абайы** (кездеме) *фольк.*
абай (абайы) үртүк
абайла-
абайлагыч
абайлагычтык, абайлагычтыгы, абайлагычтыкка
абайлат-, абайлатты
абайлатуу
абайлачу *в. ч.*
абайлаш
абайлоо
абайлоочу *а.*
абайсыз (байкабай)
абайсыздык
абайы[3] (баалуу)
абайы жабуу
абак, набак (түрмө; *абактыы* эмес) эск., **абагы, абакка**
абаке
абакеле-
абакелет-
абакелетүү
абакелеш
абакелөө
абаккана, абак *эск.*
абал[1] (*акыбал, ахвал* эмес) *зат а.*
абал диаграммасы *физ.*
абал теңдемеси *физ.*
абал мурда
абал мурун
абал параметрлери
абал[2], **абалы, обол, оболу** *такт.*
абала-[1] (абакеле-)
абала-[2] (үр-)
абалай: абалай алтоо
абалак, абалагы, абалакка
абалат[1]- (абакелет-)
абалат[2]- (үрдүр-), **абалатты**
абалатуу
абалкы, оболку

абалоо[1] (абакелөө)
абалоо[2] (үрүү)
абалтадан, оболтодон
абалтан, оболтон
абалы, абал, обол, оболу *такт.*
абасыз[1] (мис., үй)
абасыз[2] (агасыз)
абат, абад (орун, жай)
абатта-
абаттан-, абаттанбай, абаттанган
абаттант-, абаттантты
абаттантуу
абаттануу
абаттоо
аббат, аббаты, аббатты
аббаттык
аббатчылык
аббревиатура
аб: аб бали!
абдаары, апкаары
абдан (*абыдан* эмес)
абдес *диал.*
абдесте *диал.*
абдоостон *такт.*
абдыра[1]**-** (сандык)
абдыра[2]**-**
абдырап-дабдырап
абдырат-, абдыратты
абдыратуу
абдыроо
абжип (оору)
абжир (куу, тын; абжор эмес) *диал.*
абжирлик *диал.*
абжирсин- *диал.* **абжирсинбе-, абжирсинген**
абжирсинүү
абза́ц, абзацы, абзацты
абзал (жабдык, курал, устанын шайманы)
абзел[1] (мыкты)
абзел[2] (ат жабдык, зэр туман)
абзи, абыз (кудук, көлмө) **абзи ковсар, абыз көөсар**
абзий (соолгус, түгонгүс)
абид (сопу, такыба)
абий
абийир, абийири
абийир эркиндиги
абийири жабылуу
абийири төгүлүү
абийирин сатуу
абийирдүү
абийирдүүлүк
абийирсиз
абийирсиздик, абийирсиздиги, абийирсиздикке
абиогене́з
абире (уялуу)
абитуриент, абитуриенти, абитуриентти
абла (артык, ойдо) *диал.*
аблаут *лингв.*
абли (короо жай)
аболициони́зм
аболиция
абонеме́нт, абонементи, абонементти
абонементтик
абоне́нт, абоненти, абонентти
абоненттик
абордаж, абордажга, абордажды
абориге́н, аборигенге
або́рт, аборту, абортту
абразивдик
абразивдик иштетүү
абразивдүү
абразивдүү аспаптар
абразивдүү материал
абра́зия
абразиялык
абразиялык тектир
абракадабра
абро́гация
аброй (*абырой, оброй* эмес)
абройлуу
абройсуз
абсе́нт
абсентейзм
абсентеи́ст
абси́сса *мат.*
абсолю́т
абсолюти́зм
абсолюттук
абсолюттук акыйкат *филос.*
абсолюттук акыл жүгүртүү *филос.*
абсолюттук бийиктик
абсолюттук бирдиктер
абсолюттук жана релятивдүүлүк *филос.*
абсолюттук жылдыз чондугу *физ.*
абсолюттук идеализм *филос.*
абсолюттук идея *филос.*
абсолюттук кара нерсе *физ.*
абсолюттук катуу нерсе *физ.*
абсолюттук кошумча нарк
абсолюттук кыймыл *физ.*
абсолюттук нөл температурасы *физ.*
абсолюттук нөл *физ.*
абсолюттук нымдуулук
абсолюттук температура
абсолюттук убакыт *физ.*
абсолюттук чондук *мат.*
абсо́рбент, абсорбенти, абсорбентти
абсо́рбция
абсорбциялоо
абсорбциялык
абстиненция (ичпей коюу)
абстра́кт
абстрактуу
абстрактуу исскуство
абстрактуу эмгек *экон.*
абстрактуу окшоштук
абстрактуу предмет
абстрактуу түшүнүк
абстрактуулук, абстрактуулугу
абстракциони́зм
абстракциони́ст, абстракционисти, абстракционистти
абстра́кция
абстракция принциби

абстракцияла
абстракциялоо
абсун
абсу́рд, абсурдга, абсурдду
абсце́сс *мед.*
аборой (абтракай)
а-бу
а-бу де
а-бу дегиче
а-бу дешип калуу
абу (булут)
абу замзам (кудук)
абулия (эркиздик)
абуу (дары болуучу)
абыгер (убара)
абыгер чегүү
абыгый кадырлуу *фольк.*
абыз (көлмө)
абыр (тез)
абыр-шабыр
абырак (сылыктык)
абырактуу
абырап-шабырап
абыр: абыр-дабыр, абыр-жабыр, абыр-шабыр
абысын, абысынга
абысын-ажын
абысындуу
абысындык, абысындыгы, абысындыкка
абышка
абышка-кемпир
аваз[1] (үн)
аваз[2] (каншаар)
аваз[3] (шыктануу)
авазгер
авазкөй (шыктуулук, кумардык)
авам (жөнөкөй, жупуну)
аван... (тат. сөзд. б. б.)
аванзал
аванложа
авангард, авангарды, авангардга, авангардда, авангардды
авангарддык, авангардчылыгы
авангардизм
аваппо́рт, аваппорту, аваппортту
аваппо́ст, аваппостто, аваппосту, аваппостту
ава́нс, аванска, аванстын
авансала-, аванста-
авансыз
аванста-
аванстал-
аванстал-ган капитал
аванстал-ган нарк
аванстануу
аванстоо
аванстык
аванстык отчёт
авансце́на
аванта́ж
авантю́ра
авантюралык
авантюри́зм
авантюри́ст, авантюристи, авантюристти
авантюристтик
ава́рия
аварийлык
авгиев атканасы
а́вгуст, августу, августта, августту
авеню́
аверрои́зм
авжи (керек, зарыл, демдүү)
авиа... (тат. сөзд. б. б.)
авиаба́за
авиабо́мба
авиагоризо́нт, авиагоризонту, авиагоризонтто, авиагоризонтту
авиадеса́нт, авиадесанты, авиадесантта, авиадесантты
авиазаво́д, авиазаводу, авиазаводго, авиазаводдо, авиазаводду
авиако́мпас
авиакомпассыз
авиаконструктор
авиамая́к, авиамаягы, авиамаякка
авиамодели́зм
авиамодели́ст, авиамоделисти, авиамоделистти
авиамоде́ль, авиамоделди
авиано́сец, авианосеци, авианосецти
авиапо́чта
авиа́тор
авиатра́сса
авиа́ция
авиациялык
авиациялык колдоо *аск.*
авие́тка
авизо
авитамино́з
авителлино́з
авлад (тукум, уруу)
авли (үй) *диал.*
авоме́тр
авра́л
авро́ра
австралопитек
авта́ркия
авто... (тат. сөзд. б. б.)
автоба́за
автобекет
автобиогра́фия
автобиографиялык
автоблокировка
авто́бус
автобуссуз
автобустук
автовокза́л
автогара́ж, автогаражга, автогаражды
автогендик
автогене́з
автогенера́тор
автогравю́ра
автограф
автогре́йдер
автодезустано́вка
автодиспе́тчер
автодрези́на
автодро́м
автожүктөгүч, автожүктөгүчтү
автозаво́д, автозаводу, автозаводго, автозаводдо, автозаводду
автонийрим
автоинспе́ктор

автоинспе́кция
автоинфоштуруу
автока́мера
автока́р
автокербен
автокла́в, автоклавга, автоклавды
автоко́д, автокодго, автокоду, автокодду
автоколлима́тор
автоколо́нна
автокра́н, автокранга
автокра́т
автокра́тия
автократиялык
авто́л
автолавка
автолитогра́фия
автомагистралдык
автомагистра́ль, автомагистралды
автома́т, автоматы, автоматты
автомати́зм
автома́тика
автоматташтыр-
автоматташтыруу
автоматташтырылган долбоорлоо
автоматтуу
автоматтык
автоматтык башкаруу
автоматтык жөндөө
автоматтык катар
автома́тчик, автоматчиги, автоматчикке
автома́тчы, автоматчик
автомаши́на
автомашини́ст, автомашинисти, автомашинистти
автомеха́ник, автомеханиги автомеханикке
автомеханикалык
автомобилдик
автомоби́лизм
автомобилист, автомобилисти, автомобилистти
автомоби́ль
автомобиль жолу
автомобиль паркы
автомобиль поезди
автомобиль спорту
автомобиль-трактор
автомодели́зм
автоморфи́зм
автоморфтуу
автоморфтуу топурак
автони́м
автоно́мия
автономиялуу
автономиялык
автоопера́тор
автопавильон, автопавильонго
автопа́рк, автопаркка
автопилот
автопо́езд, автопоезди, автопоездге, автопоездде, автопоездди
автопортре́т, автопортрети, автопортретти
а́втор
авторадиогра́фия
авторалли
автордоштурул-
автордоштурулган котормо
автордоштурулуу
автордоштуруу
автордук, авторлук; автордугу, автордукка, авторлугу, авторлукка
автордук барак
автордук баяндама
автордук мүнөздөмө
автордук ниет
автордук укук
автореферат, авторефераты, авторефератты
авторефрижера́тор
авторитардык бийлик
авторитари́зм
авторите́т (*аптарыят* эмес) авторитети, авторитетти
авторитеттүү
авторлошуу
автосаагыч, автосаагычты
автосало́н, автосалонго
автоста́нция, автобекет
автостерилизация *анат.*
автострада
автотермелүү
автотранспорт, автотранспорту, автотранспортту
автотрансформа́тор
автотра́сса
автотропи́зм
автотроп
автотроптуу организмдер
автотрофтор *биол.*
автотурист
автоунаа
автоучкуч, автоучкучту
автофилия
автофурго́н, автофургонго
автохтондуу
авточарба
авуарлар
ага (улуу бир тууган)
ага-ини
ага-инилүү
агажан
агай
агайын (*агайин* эмес)
агайын-туугандар
агайындуу
агайындуулук, агайындуулукка
агайындык, агайындыгы, агайындыкка
агайынсыз
агайынсыздык
